Ўзбекистоннинг Андижон ва Наманган вилоятларида яшаб, чорвачилик билан шуғулланиб юрган қирғизларни бирдамликда меҳнат қилиб, колхоз маркази бўлган Бурганди қишлоғини ободонлаштиришга ундади.

У раислик қилган йилларда йириклаштирилган колхознинг иқтисодиёти тинимсиз ўсиб, фойдаланилмай келаётган юзлаб гектар ерлар ўзлаштирилиб, у ерларга ариқ ва каналлар қазилди. Пахта, маккажўхори, бошоқли дон экинлари, сабзавот ва бошқа ўсимликлар, шунингдек, бўш ётган ерларга тут, тол, тераклар экилиб, гуллаган гўшага айлантирилди.

Айниқса, пахта майдонларидан юқори ҳосил олишга эришилган. Хўжалик ҳар гектаридан 37-38,5 центнердан ҳосил олиб, туман ва вилоятдагина эмас, республикада ҳам олдинги ўринларни эгаллаб келган. Чорвачиликда ҳам қорамоллар сони ўсиб, гўшт ва сут маҳсулотлари кўлами ҳам юқорилаган. Колхоз иқтисодиёти юқорилаши натижасида колхоз ҳисобидан икки қаватли идора, маданият уйи, ўрта мактаб, ҳаммом, касалхона, автогараж, сарой ва қуралар, кичик ГЭС, турар жойлар ва бошқа иншоотлар қурилган. Ўша даврда қурилган водопровод линиясидан аҳоли ҳозир ҳам фойдаланиб келяпти.

Шундай қилиб, бу колхоз республикадаги миллионер колхозлардан бирига айланиб, довруғи Москвағача етган. Колхознинг номи ВДНХ «Фахрий тахта»сига ёзилган, Совет Иттифоқи Ҳукумати ва ВЦСПСнинг Қизил Байроғини ютиб олган.

О. Каипов умрининг сўнгги йилларида партия ва ҳукумат кўрсатмаси билан қаровсиз ётган «Қизилжар» совхозида бўлим бошлиғи сифатида совхоз директори Н. И. Мешков билан бирга ишлади. У ерда 5 минг гектар ерни ўзлаштиришга катта ҳисса қўшган. Илгари икки қишлоқдан иборат бўлган «Қизилжар» кейинчалик «Қизилжар», «Интимақ» ва «Тошкўмир» совхозларига айланган.

О. Каипов умрининг охиригача аҳоли ва ёшлар ўртасида тар-



Инв. № 37322

биявий ишларни юритиб, жуда кўп кадрлар етиштирди. Улардан ҳисобчи Юсуп Момбеков, бригадир Абдуллажон Қозоқовни олайлик. Ю. Момбеков Калинин номли колхозга раислик қилиб, А. Қозоқов эса 88 гектар пахта майдонининг ҳар гектаридан 48,3 центнердан ҳосил олиб, Социалистик Меҳнат Қаҳрамони юксак унвонига сазовор бўлишган. Шунингдек, Каим Байтемиров, Алишер Расулов, Болот Абдиев, Сабир Турдалиев, Маматназар Турғунов, Суқсур Жантаева, Собирахон Сатторовалар колхозда 35-40 йил энг зўр фаоллардан бўлиб ишлашиб, давлат орден ва медаллари билан тақдирланишган.

О. Каипов пенсияга чиққандан кейин ҳам бекор ўтирмасдан, бўш ётган 100 гектар ерни ўзлаштириб, пахта экди, ундан мўл ҳосил етиштириб, колхоз иқтисодиётини кўтаришга катта ҳисса қўшди.

Қишлоқ хўжалигини ривожлантиришдаги юқори кўрсаткичлари учун унга ҳам Социалистик Меҳнат Қаҳрамони унвони берилган. У икки марта Ленин ордени, Меҳнат Қизил Байроқ ордени, бир неча медаллар ва кўкрак нишонлари, шунингдек, Қирғизистон ССР Фахрий ёрлиқлари билан тақдирланган.

Меҳнаткашлар орасида катта қадр-қимматга эга бўлиш билан бирга 1954-1958 йиллари СССР Олий Советининг депутати бўлиб сайланган. Республика коммунистлар партиясининг Марказий Комитети аъзоси бўлиб ҳам сайланган.

У 1987 йили узоқ касалликдан сўнг вафот этган. Унинг меҳнатлари юқори баҳоланиб, қишлоқ мактабига О. Каипов номи берилган.

Марҳум О. Каиповнинг ҳамқишлоқлари унинг ишини давом эттириб келишяпти. Бу йил Бурганди қишлоқ округи пахтакорлари 512 гектар майдоннинг ҳар гектаридан 30,5 центнердан ҳосил олишиб, 1171 тонна ўрнига 1780 тонна пахта топшириб, режани ортиғи билан бажардилар. Ҳали пахта майдонларида очилмаган кўсаклар кўп, улардан яна ўнлаб тонна «оқ олтин» терилади. Шунингдек, қишлоқ округида дон, сабзавот, мева-чева етиштириш бўйича режалар ҳам ортиғи билан бажарилди.

Осконбай Каиповнинг кенжа ўғли Кенеш Осконбаевич Осконбаев ҳозир депутатлар туман Кенгаши раиси бўлиб ишлаяпти.

## КЫЙЫНЧЫЛЫКТЫ ЭЛ МЕНЕН ЖЕҢЕТ

1981-жылы декабрь айында Жеңиш Муктарович Тилекеев жашында окуган, өскен экинчи ата журту болуп калган Ноокен районуна келип, партконференцияда бир добуштан райком партиянын экинчи катчылыгына шайланды. Бул үчүн райондун бардык эмгекчилери абдан кубанышты. Анткени, илгери 1950-жылдарда атасы Муктар Тилекеев райондо прокурор, райком партиянын экинчи катчысы болуп иштеп кеткен эле. Эл-журтчулук аны жакшы билишет. Ошол элүүнчү жылдарда Ноокен районунун айыл чарбачылыгы, мал чарбачылыгы аябай дүркүрөп өскөн, райондон бир топ Социалисттик Эмгектин Баатырлары, алдыңкы пахтачы, малчы новаторлор өсүп чыгышкан. Райондун атагы Ала-Тоодон ашып, даңкы таш жарган жылдар эле. Буга Муктар акенин да кошкон салымы чоң болгон. Муну эл ушул күндө да эскеришет.

Ата жолун жолдоп, Жеңиш Тилекеев Ноокен районунда райком партиянын экинчи катчысы болуп иштеп турган 1981-1985-жылдарда райондо чоң таанылгыс өзгөрүштөр болду. Ж. Тилекеев катчы, депутат катарында элдин көптөгөн наказдарын аткарды: колхоз-совхоздордо жолдор тегизделип асфальтталды, ашкана, чайкана, балдар бакчалары, азык-түлүк дүкендөрү курулуп, пайдаланууга берилди. Мал чарбачылыгы да өсүп өнүктү. Кийин ал Ала-Бука, Баткен райондорунда иштеп, насип экен кайра Ноокенге аким болуп келди.

«Ат айланып казыгын табат» деген элибизде макал бар. Анын сыңарындай 1992-жылдын апрель айында Ж. Тилекеевдин жолу ачылып, Кыргыз Республикасынын Президентинин буйругу менен өзүнүн экинчи ата-журту, өскөн жери Ноокен районунун мамлекеттик акимчилигинин башчысы болуп келди. Ал орун алып «креслогоо» олтурган күндөн баштап эле райондун кары-жаштары, теңтуштары аны менен кучакташып көрүшүп, кызуу куттукташты, жакшы каалоолорун билдиришти.

Жеңиш Тилекеев Ноокен районуна аким болуп дайындалып келгенде эми жаз жарышы башталып, пахтанын чигитин, жүгөрүнүн үрөнүн эгип, жашылчалардын кечөттөрүн олтургузуп жаткан мезгил эле. Бир жагынан колхоздордо приватташтыруу жүрүп, ар

бир колхоз-совхоздо майда дыйкан кожолуктары түзүле баштаган болуучу. Райондун акими катары Ж. Тилекеев райондо ишти ушул күндүн талабына жараша жакшы уюштурду, айыл-кыштактарды такай аралап, иштин башында болду, ишке багыт берди. Эл менен тыгыз байланышып, алардын ой-пикирлерин угуп, жардамын берип, 1992-жылды райондо чоң бурулуштардын жылына айландырууну кездеду.

Ошентип жазгы кош айдоо енөктүгү аяктады. Дыйкандардын кубанычы койнуна батпай быйыл мол түшүмдүн жылы болот деп талаада тынымсыз эмгектенип жатышкан. Бирок, табияттын кырсыгын эч ким болжоп билбейт эмеспи. 30-апрелдеги, 1-2-май күндөрүндөгү катуу жааган жамгырдан кийин райондун аймагын аралап өткен Эски-Масы, Шайдан-Сай, Чиртек-Сай, Майлуу-Сайлардын сел суулары сайга батпай ташкындап, көптөгөн курулуштарды, каналдарды, арыктарды бузуп кетти. Пахта жана башка эгин талааларын сел суулары каптады. «Сере» жайлоосуна каттоочу 40 километр жана Кара-Кол жайлоосуна каттоочу жолдорду суу алып, жараксыз кылды.

Коомдук мал чарбасына да чоң зыян келтирилди. Район боюнча алганда 9 баш ири мүйүздүү мал, 1835 баш кой-козулар, 11 баш жылкылар селдин акыбетинен ыксыз чыгымдарга учурады, 90 пайыз чабандардын үйлөрү, ондогон кой кароолордун, малканалардын дубалдары урап, жашоого, мал кармоого мүмкүн болбой калды.

Айрыкча айыл дыйкандар чоң зыян тартышты. 5594 гектар пахтаны сел каптап, катуу каткалаңга учуратты, 2097 гектар пахтаны жокко чыгарды. Пахта арасынан аккан сел суулары жерди кайрадан даярдап чигит эгүүгө, арыктарды ремонттоп чыгууга аргасыз калды. 2510 гектар жүгөрү, жашылча, бахча эгиндерин кайра эгүүгө тура келди. Булар кийин толук калыбына келтирилди.

Бул сел каптоолордон кийин дагы бир оор кырсык, жер титирөө болду. 15-май күнү жети баллга жеткен Бүргөндү зилзаласынын кесепетинен район боюнча 4479 турак үй, 23 мектеп, 5 оорукана, 21 балдар бакчасы, 4 мончо, 105 кой короолордун жана башка имараттардын дубалдары урады, жаракалар кетти, жашоого такыр мүмкүн болбой калды. Районго зыян үстүнө зыян

болуп калды. Мурдакы селден келген зыян 31 миллион сомдон ашкан болсо, зилзаладан келген зыян андан жүз эсе ашты. Зилзаладын жапа чеккендерге ар жактан гуманитардык жардамдар көрсөтүлдү.

Бул жылы кош кырсык болгон райондо эмгекчилер жылды ийгиликтүү аякташып, кийинки - 1993-жылдын мол түшүмү үчүн мыкты камылгалар көрүлдү. Бардык чарбаларда аянттарды тоңдурмалоо сапаттуу бүткөрүлдү, техниканын да кышкы ремонту ийгиликтүү аяктады. Өткен жылдын күз айларында эле күздүктөр сапаттуу себилип, мына азыр жер бетине калың болуп көгөрүп чыкты.

Зилзаладан жапа чеккөн көптөгөн үй-бүлөлөр жаңы кенен үйлөрдө жашап жатышат. Бузулган бардык мектептер, ооруканалар, балдар бакчалары жана башка коомдук жайлар, короо-сарайлар толугу менен калыбына келтирилди. Балдардын окуулары, оорууларды кабыл алуу иштери үзгүлтүккө учуратылган жок. Өткөн кош кырсыктуу жылда райондун акими Жеңиш Муктарович күнү-түнү уктабай колхоз-совхоздордо, мекеме, ишканаларда болуп, зор уюштуруучулук иштерди жүргүзе алды.

Ноокен районунун эмгекчилери 1993-жылдын Нооруз майрамын жазгы кош айдоо жумуштарына карата эмгектеги зор ийгиликтөр менен тосуп алышты. Бардык чарбаларда сугат тармактары чаап-тазаланып бүткөрүлдү. Март айынын биринчи жарымында эле парниктерге тамеки, помидор, капуста, калемпир жана башка жашылча өсүмдүктөрүнүн уруктары себилип, жакшы көчөттөр естүрүлдү.

Ошол жылы райондун эмгекчилери мамлекеттик заказ боюнча 3900 тонна дан, 14500 тонна пахта, 1285 тонна тамеки, 272 тонна жүн, 1700 тонна эт, 6500 тонна сүт жана башка айыл чарба азыктүлүктөрүн өндүрүүгө жана сатууга карата астейдил эмгектеништи.

Мал чарба фермаларында 9700 баш ири мүйүздүү мал, анын ичинен 3216 баш саан уйлар, 90 миң баш койлор, 2700 баш жылкылар ийгиликтүү кыштатылууда. Райондун малчылары быйылкы жылы ар жүз баш тубар малдардан: 95 козу, 80 музоо, 75 кулун, ар уй башына 2300 килограммдан сүт саап алууга сөз беришти.

Азыр бул аймакта эмгекчилердин турмуш жыргалчылыгын дагы жогорулатуу боюнча иштер жүргүзүлүп жатат. Ноокен району нун акими Ж. Тилекеевдин алгачкы кадамы мына ушундай.

## КАДЫРМАТ СУЛТАНОВ КАЛКЫБЫЗДЫН ЖҮРӨГҮНДӨ

Кадырмат Султанов 1905-жылы Ош областынын Алай районундагы Сопу-Коргон айылында туулган. Ал 1929-жылы ВКП(б) нын мүчөлүгүнө еткөн. 1927-жылы алгач советтик-чарбалык, кийин партиялык кызматтарда иштей баштаган. 1948-жылы Кыргызстан Компартиясынын Лейлек райкомунун биринчи секретары болуп иштеген.



К. Султанов 1951-жылы партиянын Ноокен (анда Ленин) райкомунун биринчи секретары болуп шайланган. Ал кезде райондо 26 майда батыранды колхоздор, 6 айылдык советтери жана 3 жерде МТС бар эле.

Бардык ишти кадрлар чечет дегендей, ал Ноокенге келери менен айылдарды аралап, эл менен жолугушуп, кеңешип мыкты кадрларды тандап ишке дайындаган. Анын эмгекчил, адамгерчиликтүү, ак ниет, нысаптүү, карапайым жана адилеттүү жетекчи болгонун эл абдан жактырган. Ал дайыма эл менен бирге, элдин башында болгон, элдин көйгөйлуу маселелерин өз убагында чечип турган.

К. Султанов эртеден-кечке эл менен талаада болсо, кечинде райкомдо өз кабинетинде түнкү саат 1-2 ге чейин иштечү. Ошондон улам райондо бардык ендүрүштүк тармактарда, ишкана-мекемелерде ийгиликтердин артынан жаңы-жаңы ийгиликтер жаралган.

Райондо ал жетекчилик кылган 6 жылдын ичинде эле кеп өзгөрүүлөр, мактоого татыктуу иштер аткарылган. Буга бир эле ми-

салды келтирели. 1955-жылы Карл Маркс атындагы колхоздун 2 кабаттуу заңгыраган конторасы, анын жанында эки кабаттуу 1000 орундуу Маданият үйү, мончо, стандарттуу орто мектеп, ондогон колхозчулардын стандарттуу үйлөрү, оорукана жана башка коомдук объектилер жалаң бышык кыш менен курулуп, пайдаланууга тапшырылган.

Ошондой эле бригадаларда колхозчулардын экинчи үйү болуп эсептелген талаа стандары балдар бакчалары менен кошо курулуп берилген.

Мындай объектилер райондун Кыла (азыркы Момбеков айыл округу) колхозунда жана башка колхоздордо да курулган.

1956-жылы район боюнча 8300 гектар аянтка пахта эгилип, анын ар гектарынан 27 центнерден түшүм алынып, мамлекетке 22,5 миң тонна "ак алтын" сатылган. Бул район боюнча мурдакы мезгилге салыштырганда пахтанын түшүмдүүлүгү гектарынан 13 центнерге жогорулагандыгын ачык-айкын айгинелеп турат.

Ошол 1956-жылдын жыйынтыгы менен райондун алдыңкылары СССРдин жогорку сыйлыктарына, орден, медалдарына татыктуу болушту. СССР Жогорку Советинин Президиумунун Указы менен райкомдун биринчи секретары Кадырмат Султанов, райондук аткаруу комитетинин терагасы Кушназар Юнусалиевге Социалисттик Эмгектин Баатыры деген жогорку наам берилди. Ошондой эле райондун Карл Маркс атындагы колхозунун төрагасы Өскөнбай Каипов, "Кыла" (кийин Калинин атындагы колхоз) төрагасы Эшенкул Жусупов, Карл Маркс атындагы колхоздун алдиңкы бригадири Абдуллажан Казаков Социалисттик Эмгектин Баатыры деген ардактуу наамдарга ээ болушту.

Улуу Атамекендик согуштан илгери Ноокен районунда 2 Социалисттик Эмгектин Баатыры болгон. Алар сакалдылык Матай Абдыраимов менен Халдар Мамасалиевтер эле. Ошентип, кийин бир райондон 5 эмгектин баатыры чыгып, Ноокен району "Баатырлардын мекени" деген атка конгон.

Ушинтип, Кадырмат Султанов мурда жана кийин Ноокенде элге эмгегин сиңиргендиги үчүн Совет өкмөтү аны алгач "Ардак

белгиси", Эмгек Кызыл туу ордендери жана медалдары менен сыйлаган, акырында ал Ленин орденин, "Алтын жылдыз" медалын алып, Социалисттик Эмгектин Баатыры болду.

1957-жылы К. Султанов КПССтин кезексиз XX1 съездине делегат болуп барып катышып келди. Ал Ноокен районунда иштеп турган мезгилде Ибраим Турдумбетов, Кадыркул Абдыразаков, Арзымбек Өсөрөв, Муктар Тилекеев сыяктуу көптегөн кадрларды тарбыялап өстүрдү. Алар кийин областтык, республикалык жогорку кызматтарга көтөрүлүштү. Ошондой эле Сабырали Тойчукулов, Абдыкадыр Акматов, Өскөнбай Каипов, Тешебай Орозматов, Тажибай Жолдошев, Эшенкул Жусупов сыяктуу кадрларга аталык камкордугун керсетөт. Азыр жогоруда аталган адамдардын бири да арабызда жок.

Кадырмат Султановдун өмүрү абдан кыска болду. Ал 1957-жылы 24 сентябрь күнү Масы айылында жүрөгү катуу ооруп, инфаркт оорусунан улам көз жумду. Анын сөөгү дүйнөгө белгилуу Ош шаарындагы Сулайман тоосуна коюлду.

Кадырмат Султановдун ысмы Кыргызстандын тарыхында алтын тамгалар менен жазылган. Анын атагы, ысмы кылымдар бою ноокендиктердин жүрөгүндө унутулбай жашай берет.

## ЭШИЕВДЕРДИН ИШТЕРМАН ДИНАСТИЯСЫ

Мындан беш жүз жыл илгери бир кытайлык окумуштуу мындай деп жазган экен: "Эгерде сен бир жылды мурда ойлосоң, буудай эк; эгерде сен он жылды мурда ойлосоң, бак-дарак эк; эгерде сен жүз жылды мурда ойлосоң, адамды, балдарыңды тарбияла".

Ноокен районунун Ноокен айылында бир жылды да, он жылды да, жүз жылды да алдын ала ойлогон, айылдын кадыр-барктуу аксакалы Нарымбет Эшиев деген киши жашап еткөн. Ал киши 1896-жылы төрөлүп, 83 жаш курагында дүйнөдөн кайткан. Эгер тирүү болгондо азыр 114 жашка толот эле. Ал Кыргызстанда коллективдештирүү мезгилинде аялы Жыпар эже экө Арымжан атындагы колхозго мүчө болуп киришип, эпкиндуу эмгектенип жүргөн На-

рымбет Эшиев алгач бригадир, полевод (талаа башчысы), кийин колхоз башкармасынын төрагасы болуп иштеген.

Мен жашаган Беш-Жыгач айылы Ноокен айылына коңшу болуп, арабызды арык ажыратып турчу эле. Нарымбет аганын Буркан, Дыйкан жана Кайым деген балдары бар эле. Азыр өткөн мезгилди жакшы ойлосом, ал киши баягы Кытайдын окумуштуу жазуучусу айткандай бир жылды да, он жылды да, жүз жылды да алдын ала ойлоп иш жүргүзгөн экен.

Анын тунгуч уулу Буркан Нарымбетович Эшиев ата-энесинин тарбиясын алып, мектепте жакшы окуп, айылындагы "Коминтерн" колхозунун бухгалтериясында иштеп жүргөн мезгилинде Улуу Ата Мекендик согушу башталып кетти. Жашы 18 ге толгону үчүн Мекенди коргоого аттанды. Тез арада аскердик машыгуулардан отуп, фронтто немистик-фашисттик баскынчылар менен катуу салгылашты. Кандуу согуштардын биринде Курск шаарына жакын жердеги темир жол станциясында болгон согушта Буркан Эшиев сол бутунан жарадар болуп, госпиталдан үйүне протез менен кайтып келди.

Ошол кезде райондо, колхоздордо да эсеп-кысапты тез жана анык, туура жүргүзгөн бухгалтерлер жокко эсе эле. Ошону үчүн да кайсыл колхоздо бухгалтериялык иштери туура жүргүзүлбөй чатакташып, колхоздун кирешеси азайып кетсе Буркан Эшиевди тезинен ошол жерге бухгалтер кылып дайындашчу эле.

1950-1951-жылдарда райондун борборундагы ири "Большевик" колхозунун иши абдан начарлашып, план-тапшырмалар аткарылбай, колхозчулардын жылдык кирешелери абдан төмөндөп, дан эгиндеринен кем түшум алынгандыгы үчүн элдин карды нанга тойбой калышты.

1951-жылы Буркан Эшиев ушул арттагы колхозго башкы бухгалтер болуп дайындалып калды. Ошентип Б. Эшиев колхоздо 1951-1953-жылдарда башкы бухгалтер болуп иштеп, эсеп-кысап иштери тартипке келтирилди. Бардык тармактар боюнча киреше көлөмдөө күчөтүлдү. Натыйжада "Большевик" колхозу райондогу гана эмас, областтагы алдыңкы колхоздордун бирине айланды. Колхозчулар жылдын жыйынтыгы боюнча иштеп тапкан эмгек

күндөрүнө 2-2,6 сомдон акча алышып турушту. Ал кезде арзанчылык да болуп калды.

Б. Эшиев кайсыл колхозго барып башкы бухгалтер болуп иштесе, ошол колхоздун иши оңолуп, бай колхозго айлана берчи болду.

Ал 1970-1980-жылдарда Кыла (азыркы Момбеков) айылындагы Калинин атындагы колхоздо башкы бухгалтер болуп иштеди. Ал ишке келери менен эле колхоз алга карай тез өсе баштады.

Бул колхоз мурда жыл сайын 3-5 миллион сомдон жылдык киреше алса, Б. Эшиев башкы бухгалтер болуп иштеген жылдарда кирешеси тынымсыз көбөйдү, бардык тармактарда иштери оңолуп, киреше суудай акты. Ал иштеген соңку жылдарга барып колхоздун кирешеси 17,5 миллион сомго жетти. Бул газеталарга да чыкты.

Калинин атындагы колхоздо эки кабаттуу колхоздун контора-сы, маданият үйү, эки кабаттуу мектептер, магазин, ашкана, мейманкана курулду, Улуу Ата Мекендик согушта курман болгондорго айкел тургузулду.

Эми ошол Буркан Эшиевдин уулу Турдумамат Бурканович Эшиев тууралуу эки ооз соз айталы. Ал дагы атасы сыяктуу жакшы тарбия алды. Ал 1978-жылы Бишкектеги Скрябин атындагы айыл чарба институтунын агрономия факультетин бутурду,



1978-1990-жылдарда "Коминтерн" колхозунда башкы гиротехник, башкы агроном, 1990-1993-жылдарда Жалал-Абад облastтык айыл чарба башкармасынын агроному, "Алтын күз" соода-сатык фирмасынын директору, 1996-1998-жылдарда Момбеков айылындагы Т. Сыдыков атындагы пахта кабыл алуу пунктунун башчысы болуп иштеген.

1997-2005-жылдарда Ноокен райондук айыл чарба башкармасынын башкы агроному, 2005-жылдан баштап ушул күнгө чейин райондук агродепартаментинин башчысы болуп иштеп келүүдө. Райондун күжүрмен пахтачылары 2008-жылдан баштап 2012-жылга чейин пахта аянттарынын ар

гектарынан жыл сайын 32-33 центнерден ашыра пахта өндүрүп мамлекетке сатып келе жатат. Район областта гана эмес, республикада да пахта өндүрүүдө биринчиликти ээлеп келүүдө. Күздүк дан эгиндеринен да жыл сайын алынган түшүмдүүлүк 33-34,4 центнерден кемиген жок. Жүгөрүдөн да гектарынан жыл сайын 60-70 центнерден ашыра дан алынууда. Мал чарбачылыгында да өсүш бар.

Нарымбет Эшиевдин ортончу уулу Дыйкан Эшиев "Коминтерн" колхозунда 40 жыл чабан, ферма башчысы болуп иштеп, жетишкен ийгиликтери үчүн Ленин, Эмгек Кызыл Туу ордендери жана медалдар менен сыйланган. Азыр ал киши арабызда жок.

Н. Эшиевдин кенже уулу Кайым Эшиев жаштайынан мектепте жакшы окуп, жогорку билимдүү болуп, Ноокен райкомунун пропаганда жана агитация бөлүмүнүн башчысы, райондук элдик контроль комитетинин төрагасы, Базар-Коргон райондук партия комитетинин уюштуруу бөлүмүнүн башчысы, Ноокен районунун Масы айыл өкмөтүнүн башчысы болуп талаптагыдай жакшы иштеди. Азыр пенсияда эс алууда.

Кайым Эшиевдин уулу Абдылалек Эшиев Ноокен районунун "Москва" колхозунда комсомол комитетинин секретары, райондук мамлекеттик администрациясында аппарат жетекчиси, Масы айыл өкметүнүн башчысы, кийин Ноокен айыл округунун башчысы кызматтарында жемиштуу эмгектенди.

Турдумамат Эшиевдин аялы Динара Эшиева Ноокен айыл округундагы Артык Төрөгелдиев атындагы орто мектептин директору болуп иштөөдө. Алардын эки уулу, эки кызы, жана неберелери бар.

Мына, Эшиевтердин династиясы ушундай. Ошол Кытайдын окумуштуусу айткандай, бул династия дайыма бир жылды же он жылды эмес, жүз жылды, бүткүл Кыргызстандын жаркын келечегин терең ойлонушуп иштешет десем жаңылышпаймын. Бардыңыздар да ушул Эшиевтердин династиясынан үлгү алсаңыздар арзыйт.

# ЧОҢ САЛЫМЫН КОШКОН



Тешебай Айдаров 1926-жылы Ноокен районунун Масы айылында туулган. Мектепте окуп жүрүп жаштайынан эле "Большевик" колхозунда пахтачылык бригадасында табелчи болуп иштеген.

Улуу Ата Мекендик согуш башталгандан кийин, 1944-жылы жашы 18 ге чыкканда Советтик Армиянын катарына чакырылган. Борисоглебскде аскердик машыгуулардан өтүп, туура Белоруссия фронтуна, Слуцк шаарына жиберилген.

1950-жылы Советтик Армиянын катарынан демобилизацияланып, мекени Масы айылына келип, колхоздо алгач пахтачылык, соң трактордук бригадада эсепчи болуп иштеген. Аны жакшы иштегендиги үчүн колхоз башкармасы пахтачылык бригадасынын жетекчилигине дайындаган. Ал башкарган бригаданын пахтачылары жыл сайын мамлекетке пахта тапшыруунун жылдык пландарын ашыра орундаткан.

Тешебай Айдаров кезинде Улуу Ата Мекендик согушка катышкандыгы, кийин колхоздо туура иштегендиги үчүн "Улуу Ата Мекендик согуш" ордени, "1941-1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согушта Германияны жеңгендиги үчүн" медалы, соң бир нече юбилейлик медалдары менен сыйланган. Ошондой эле В.И. Лениндин туулган күнүнө 100 жыл толгондугуна байланыштуу чыгарылган "Кужурмөн эмгеги үчүн" медалы жана башка төш белгилери менен сыйланган.

Ал пенсияга чыккандан кийин да, азыр 88 жаш курагында да аксакалдар кеңешинин төрагасынын орун басары болуп иштеп жатат. Коомдук иштерге ишкердүүлүк менен катышат.

Тешебай Айдаровдун 8 уул-кыздары, 70 тен ашык небере, чеберелери бар. Аларды жакшы тарбиялайт.

Тешебей Айдаров Мекке жана Медина шаарларына ажылык сапарына барып келди. Бул ажыга бардык жакшы тилектерибизди каалайбыз.

# ОРДЕНДҮҮ ДЫЙКАН МАКАМБАЙ



Ноокен районундагы Масы айылында Саттаров Макамбай деген асыл дыйкан киши жашайт. Ал 1928-жылы туулган. Үстүбүздөгү жылы ал 85 жашка чыккан болсо дагы Беш-Жыгач кыштагынан 5 километр жолду жөө басып, райондун борборуна бир келип кетет. Улуу Ата Мекендик согуш башталганда ал 13 жашар мектепте окуп жүргөн бала эле. Эркектер мекенди коргоого кетип, орукта жалаң аялдар, жаш балдар калган болучу.

Ошентип ал жаштайынан эле Масы айылынын борборундагы "Большевик" колхозуна мүчө болуп кирди. Алгач ал атбаш жетеледи. Пахтанын катар аралыгын сугарды, буудай оруп жанчууга катышты.

1951-1954-жылдарда ал Советтик Армиянын катарына чакырылды. Кызмат өтөп келгенден кийин колхоздо жан-дили менен астейдил пешенесинен тер төгүп иштеп калды. Анан үйлөнүп бала-чакалуу болду. Бала-чакасын жакшы тарбиялап багуу үчүн колхоздо стахановчу болуп күнү-түн дебей, убактысы менен эсептешпей иштеди, күндүк нормаларды дайыма ашыгы менен аткарып жүрдү. Ал сугарган пахта аянттарынан ар жылы гектарынан 30-35 центнерден түшүм алынуучу эле. Анткени пахтачылыкта негизги чечүүчү кесип бул сугатчылык. Анан пахта терими башталары менен ал бригаданын кырманчысы болуп иштөөчү. Бригадада 80 гектар пахта аянты болсо, ал ошол аянттардан терилип кырманга тапшырылган пахталардын бардыгын жайып сапаттуу кылып курутат, арабаларга жүктеп, пахта кабыл алуу пунктуна жиберет. Ал курутуп женеткен пахталар кайтарылбай кабыл алынчу.

Саттаров Макамбай пахтачылыкта жакшы иштегендиги үчүн СССР Жогорку Советинин Президиумунун Указы менен Эмгек Кызыл Туу ордени, В.И. Лениндин туулган күнүнө 100 жыл толгонуна байланыштуу "Күжүрмен эмгеги үчүн" медалы, "9-беш жыл-

дыктын ударниги", 2 жолу КПСС БКнын, СССР Министрлер Советинин, ВЦСПСтин жана ВЛКСМ БКнын "Социалисттик мелдештин жеңүүчүсү" деген теш белгилери, бир нече жолу колхоз, район тарабынан баалуу сыйлыктар, "Москвич" маркалуу автоунаасы, Ардак грамоталары жана "Эмгек ветераны" медалы менен сыйланган.

Беш-Жыгач айылынын чыгышындагы эле биринчи үй Макамбай Саттаровдун, анын бала-чакаларынын үйлеру. Алар үйлерүнүн айланасына, арыктарынын жээктерине, там арка-алдыларына декоративдүү, мемелүү дарактарды көп эгишип, талаптагыдай жашылдандырышкан. Алар быйыл да өрүк, шабдалы, гилас көчөттөрүн эгишип жашылдандырышты.

## ҚАҲРАМОНЛИККА МУНОСИБ



Новкент туманидаги энг илғор пахтакор, ҳозирда пенсияда бўлган Зиёдахон Аҳмаджонова 1954 йили Моси қишлоғида туғилган. Унинг ота-онаси Эргашвой ва Зулайхо Чўлпоновлар колхоз илғорларидан бўлганлигини кўпчилик яхши билади. Ота-онасидан яхши тарбия олган Зиёдахон мактабни битиргач, 1970-1973 йиллари колхозда табелчи, кейинчароқ бу ерда ташкил этилган «Учқун» ёшлар бригадасида бригадир бўлиб ишлади.

1973-1984 йилларда у бошқарган ёшлар бригадаси ҳар йили пахтадан юқори ҳосил олиб, туман ва вилоят бўйича энг илғор бригадалар сафидан ўрин олиб келди. Унинг бригадаси ҳар йили гектаридан режадаги 24 центнер ўрнига 34-36 центнер пахта оларди. Шуни айтиб ўтиш керакки, ёшлар ишлаган бу бригада тошлоқ майдонда жойлашгани учун ҳосилдорлик илгари 14-16 центнердан ошмаган.

1977 йили ёшлар бригадаси Улуғ Октябрь революциясининг 60 йиллигига бағишланган мусобақада қатнашиб, 70 гектар майдонга пахта экди ва гектаридан 37,8 центнердан ҳосил олди. Шу йили бригаданинг меҳнатлари муносиб баҳоланиб, З. Аҳмаджоновага «Ҳурмат белгиси» ордени топширилди. У бир неча марта ВЛКСМ Марказий Комитетининг фахрий ёрлиқлари билан тақдирланган, шунингдек, «Москва» колхози бошқаруви, туман ва вилоят томонидан бериладиган қимматбаҳо совғаларни олишга муваффақ бўлган, 4 марта туман, вилоят кенгашларига депутат бўлиб сайланган.

Иттифоқ тарқагач, З. Аҳмаджонова «Оқ олтин» қишлоқ хўжалик кооперативини тузди. Ўзининг мулойим муомаласи, юриш-туриши, меҳнатни ва ерни севиши билан кооператив аъзолари ҳурматини қозонди.

У далада ишлаб юриб, Андижон пахтачилик институтининг агрономлик факультетида сиртдан ўқиди. Отаси Э. Чўлпонов пенсияга чиққандан кейин ҳам 20 гектар ерга беда экиб, ерни семиртириб, ҳосилдорликнинг юқорилашига ҳисса қўшган.

Мустақилликка эришилгандан бери «Оқ олтин» кооперативи Моси қишлоқ округида 173 гектар майдонга пахта ва донли экинлар экиб, ҳар йили мўл ҳосил олиб келяпти. Кооператив қишлоқ округида 40 йилдан бери биринчиликни қўлдан чиқаргани йўқ.

Ўтган йили сув танқис бўлганига қарамай, кооператив аъзолари ўзларига беркитилган 152 гектар ерга пахта экишиб, гектаридан ўрта ҳисобда 40 центнердан ҳосил олишди. Бу йил улар сувнинг мўл бўлишини билмай, 173 гектар майдоннинг 80 гектарига пахта, 72 гектарига кузги буғдой экишган эди.

Кооперативнинг 139 аъзоси бор. Уларнинг ярми пахта, ярми дон экишган. Сув мўл бўлиб, қўлдаги ва Хитойдан келтирилган техникалардан тўғри фойдаланиб, кузги буғдойдан гектаридан 40,3 центнердан ҳосил етиштиришди. Бу туман, вилоят ва республикада юқори кўрсаткичлардан бири ҳисобланади.

Кооператив пахтакорлари бу йил ҳам пахтани ўз вақтида, агротехника талаблари даражасида сифатли парвариш қилишди. Натижада ҳосил кўнгилдагидек бўлди.

«Оқ олтин»га аъзо бўлганлар дала шийпонини бузмасдан ва бўлмасдан сақлаб қолишган. Ҳозир далада меҳнат қилаётган деҳқонлар шу ерда тушлик қилишади, дам олишади. Улар техникалардан ҳам ўртада фойдаланишади, терилган пахтани мана шу шийпондаги катта хирмонга тўкишади. Бу ердан машинага юклаб пахта заводларига жўнатишади. Ҳозир туманда 5 та пахтани қайта ишловчи завод ишлаб турибди. Заводнинг ўзида чигитдан ёғ олиниб, эгаларига топширилади.

«Оқ олтин» кооперативи далаларида бўлганимизда, деҳқонлар оила аъзолари билан астойдил пахта тераётганини кўрдик. Улар шу кунгача гектаридан 40,7 центнердан ҳосил олишиб, пахтанинг ҳаммасини қайта ишлаш заводларига топширишибди.

Меҳрибон она ва ғамхўр буви Зиёдахон яқинда пенсияга чиқди. Унинг турмуш ўртоғи Ғуломжон Аҳмаджонов кўп йиллар туман босмахонасида, редакцияда ҳисобчи бўлиб ишлади. Босмахона иши тўхтаб, ходимлар бошқа ишларга ўтган пайтда Ғ. Аҳмаджонов ҳам «Москва» қишлоқ хўжалик кооперативида деҳқон хўжалиги бошлиғи бўлиб ўн йил меҳнат қилди. Ҳар доим пахта етиштириш режасини ошиғи билан бажариб юриб, бу йил у ҳам пенсияга чиқди

Зиёдахон 40 йилдан бери пахтачилик соҳасида меҳнат қиляпти. У берган ваъдасини бажармаган йил бўлмаган. Сўзи билан иши доим бир бўлгани учун Қирғизистон Республикаси Қаҳрамони бўлишга муносиб деҳқондир. Пенсияда бўлишига қарамай, ҳозир ҳам ғайрати сўнмаган, «Мерседес» машинасини ўзи ҳайдайди, тракторчиликни ҳам қойиллатади.

Унинг яна узоқ йиллар пахта далаларидан чиқмай ғайрат билан ишлашига ишончимиз комил. Бундай зийрак, ўқимишли агроном-пахтакорнинг меҳнатини ҳар қанча баҳоласа, давлатнинг энг юксак мукофотлари билан тақдирласа арзийди.

# МАМАТКАРИМДИН МИНИ ТЕХНИКАЛАРЫ

## *1. Ал өстүргөн бак*

Маматкарим Мамараимов көп жылдардан бери «Москва» акционердик коомунда дыйканчылыкта бригадир болуп эмгектенип келе жатат. Ал башкарган бригада кайсыл тармакта иштесе да жылдык план-тапшырмаларды ашыгы менен орундатууда. Соңку жылдарда ал коомдун беде естүрүүчү бригадасынын бригадири.

Бир күнү мен Мамараимов менен кошо базар аралай басып келе жаткан элем. Ал быйыл жазында тамаркасына эгүү үчүн ар түрдүү жашылча, укроптордун уругун сатып алды. Анан базардан чыга бериште мөме-жемиш, декоративдүү дарактардын көчөттөрү сатылып жаткан жерге басып барды да көчөттөрдү бир четтен карап чыкты. Бул нерселердин баары мендө бар деди.

Ушул аракетинин езүнөн эле анын чыныгы багбан да, дыйкан да экендиги байкалып турат.

- Жүрүңүз, Сатымкул аке, биздикине кирип чай ичиң, анан сизге өзүм улап өстүргөн бир топ коконгиластин көчөттерүнөн берейин, үйүңүзгө алып барып эгип коюңуз. Сизге эстелик да болсун. Ал көчөт ушул быйылкы эле жылы алгачкы мөмөсүн берет, анан жыл еткөн сайын чоңоюп, шак-бактары кебөйүп, түшүмү да арта берет, - деди.

Анын үйүне бардым. Бышык кыш менен эки кабаттуу кылып сонун үй салыптыр. Үйүнүн алдында калың мөмөлүү бак дүпүйөт. Багында алма, өрүк, шабдалы, жүзүм, гилас, бийалма, алмурут, кайналы, карагат жана башкалардын түрүнөн 2-3 түптөн бар экен. Мурдагы эгилгендери ар жылы мөмө бере баштаптыр. Баарынан да анын короосунда бир түп шаатут дарагы бар. Бул шаа дегени падыша дегени, тут болсо кыргызча тыт. Демек, падышалар жей турган чоң-чоң бал сыяктуу таттуу ак мөмө берүүчү тыт дарагы. Азыр мындай тыттар областыбызда да чанда учурайт, же балким жоктур. Илгери мындан 60-70 жылдар мурда, мен жаш кезимде бул тыттар абдан көп эле. Жийде сыяктуу эле бул тыттар да жоголуп аз калды.

Короо жайлардын алдын жашылдандыргың келсе ушул М.Мамараимовтон келип үйрөнүп кет демекчимин.

## *2. Мини техникалар*

Анын короосу андай эле чоң эмес, бар болгону 7 сотых эле. Бирок, ар бир сантиметр жер билгичтик менен пайдаланылган. Малканасы да тап-таза, балдардын колундагы наны жерге түшсө да жийиркенбей алып жесе болот.

Бир кыпындай саман, чепту көрбөйсүң. Маматкарим Мамараимов ушундай сарамжалдуу жигиттерден.

Анын кожолугунда бир «Москвич» жеңил автомашинасы бар. Азыр автомашина деген, ар кимде эле бар.

А мына мындай мини техникаларычы? Мини техникалар болсо чанда гана кишилерде бар болушу мүмкүн. Андайларды күн бою кыдырып издеп да таппайсың. өздүк гаражында «Луч» маркалуу 4 деңгөлектүү мини техникасы бар. Бул техника менен жерди айдаса да, талаадан чөп, коон-дарбыз сыяктуу ар түрдүү жүктердү ташыса да болот.

- Бул техниканы мен СССРдин доорунда хозмагдан 3000 рублге сатып алганмын, - дейт Маматкарим.

- Кокуй бул кандай техника экен? – деп ар жакта турган мини техникага көз чаптырдым.

- Бул «Крот» маркалуу жер айдоочу техника. Муну да илгери 420 рублге гана магазинден сатып алганмын. Бул мотору, бул жерине аз гана бензин куюп жүргүзүп, мына бу эки колдо кармоочу эки туткасынан кармап, мына бул тетигин басып койсоңуз эле алга тартып кетет. 30 сантиметрге чейинки терендикте жерди айдайт. Мына бактын арасын 14 жашар уулум эле минтип сонун кылып айдап, койду, - деди айдалган бактын арасын көрсөтүп.

## *3. Сарамжал болгон жакшы да*

- Сарамжалдуу экенсиз, Маматкарим, малканаңызда тиш чукуй турган да кашек жокко. Тоютту кантип үнөмдөп жедиресиз

малдарга же граммдап бересизби? Мал, кой баккандардыкында кашек, саман деген кадимки июль айындагы асмандагы «Саманчынын жолундай» эле чачылып жатат го, а сизде чачылган ширеңкенин даанасындай чөп жок? - деген суроону узаттым.

Маматкарим күлүп, малкана жакта адамдын назары түшпөй турган бир четтеги «Саломорезка» деген мини техникасын көрсөттү.

- Мына бул ундай майдаланган кесек тоюттар. Бул техникамда беде болобу, табигый чеп болобу минтип токко сайып, же кол менен да айландырып чөптү каалагандай майдаласа болот. Чөптү майдалап, анан жем менен кошо малгабы, койгобу акуруна, же идишке салып жедирсе, жем да үнөмдөлөт, адамдар чөптү малдын аяк астына эле «же, жаныбарым» деп таштап коюшат. Анан мал, койлор чөптүн жарымын шакел кылып чыгарып таштайт, буттары менен тебелеп, кыкка аралаштырып, анан баары-жокту «Саманчынын жолундай» кылат да, - деп жооп кайтарды.

- Бул «Саломорезканы» да магазинден алдыңызбы!

- Ооба, магазинде 67 рублге сатып жаткан болчу. Ушул үч мини техникаларыма 8-10 жыл болду сатып алганыма, бири да бузук эмес, бардыгы оң турат. Мезгил-мезгили менен арчып, тазалап, майлап гана коёмун. Анча-мынча тетиктери бузулса, өзүм эле мастерскойлорго барып ширетип, же ремонттотуп алам, оп-оңой гана,- деп жооп берди.

Мен үйүме женөп жатканда бир түп уланган коконгилас көчөтүн колума берди.

- Мунун түбүн ылайы, жери менен кошо казып чыгардым. 18-20 сантиметр чукур казып олтургузуңуз.

Азыр ошол Маматкарим берген улама коконгилас бүрдөп, гүлдөө алдында турат. Менин да 4 түп мөмө берип жаткан жаңак дарагым, алды мөмөгө кирген 26 түп коконгиластарым, 1 түп өрүгүм, 4 түп анарым, кайналы, жүзүмдөрүм, бардыгы болуп 51 түп мөмөлүү дарактарым бар. Короомдун этегине быйылкы жылы 103 түп терек кечеттөрүн отургуздум.

Ой туугандар, калайык калк, быйыл бардыгыңар да кечөттү көп олтургузгула. Балдарыбызга дүпүйгөн калың бак калтыралы. Түрк элинде «Жакшыдан бак калат» деген сөз бар.

Короо жайлардын алдын жашылдандыргың келсе ушул М.Мамараимовтон келип үйренүп кет демекчимин.

### *2. Мини техникалар*

Анын короосу андай эле чоң эмес, бар болгону 7 сотых эле. Бирок, ар бир сантиметр жер билгичтик менен пайдаланылган. Малканасы да тап-таза, балдардын колундагы наны жерге түшсө да жийиркенбей алып жесе болот.

Бир кыпындай саман, чөптү көрбөйсүң. Маматкарим Мамараимов ушундай сарамжалдуу жигиттерден.

Анын кожолугунда бир «Москвич» жеңил автомашинасы бар. Азыр автомашина деген, ар кимде эле бар.

А мына мындай мини техникаларычы? Мини техникалар болсо чанда гана кишилерде бар болушу мүмкүн. Андайларды күн бою кыдырып издеп да таппайсың. өздүк гаражында «Луч» маркалуу 4 деңгелөктүү мини техникасы бар. Бул техника менен жерди айдаса да, талаадан чеп, коон-дарбыз сыяктуу ар түрдүү жүктөрдү ташыса да болот.

- Бул техниканы мен СССРдин доорунда хозмагдан 3000 рублге сатып алганмын, - дейт Маматкарим.

- Кокуй бул кандай техника экен? – деп ар жакта турган мини техникага көз чаптырдым.

- Бул «Крот» маркалуу жер айдоочу техника. Муну да илгери 420 рублге гана магазинден сатып алганмын. Бул мотору, бул жерине аз гана бензин куюп жүргүзүп, мына бу эки колдо кармоочу эки туткасынан кармап, мына бул тетигин басып койсоңуз эле алга тартып кетөт. 30 сантиметрге чейинки тереңдикте жерди айдайт. Мына бактын арасын 14 жашар уулум эле минтип сонун кылып айдап, койду, - деди айдалган бактын арасын көрсөтүп.

### *3. Сарамжал болгон жакшы да*

- Сарамжалдуу экенсиз, Маматкарим, малканаңызда тиш чукуй турган да кашек жокко. Тоютту кантип үнөмдөп жедиресиз

малдарга же граммдап бересизби? Мал, кой баккандардыкында кашек, саман деген кадимки июль айындагы асмандагы «Саманчынын жолундай» эле чачылып жатат го, а сизде чачылган ширеңкенин даанасындай чөп жок? - деген суроону узаттым.

Маматкарим күлүп, малкана жакта адамдын назары түшпөй турган бир четтеги «Саломорезка» деген мини техникасын көрсөттү.

- Мына бул ундай майдаланган кесек тоюттар. Бул техникамда беде болобу, табигый чөп болобу минтип токко сайып, же кол менен да айландырып чөптү каалагандай майдаласа болот. Чөптү майдалап, анан жем менен кошо малгабы, койгобу акуруна, же идишке салып жедирсе, жем да үнөмделөт, адамдар чөптү малдын аяк астына эле «же, жаныбарым» деп таштап коюшат. Анан мал, койлор чептүн жарымын шакел кылып чыгарып таштайт, буттары менен тебелеп, кыкка аралаштырып, анан баары-жокту «Саманчынын жолундай» кылат да, - деп жооп кайтарды.

- Бул «Саломорезканы» да магазинден алдыңызбы!

- Ооба, магазинде 67 рублге сатып жаткан болчу. Ушул үч мини техникаларыма 8-10 жыл болду сатып алганыма, бири да бузук эмес, бардыгы оң турат. Мезгил-мезгили менен арчып, тазалап, майлап гана коёмун. Анча-мынча тетиктери бузулса, өзүм эле мастерскойлорго барып ширетип, же ремонттотуп алам, оп-оңой гана,- деп жооп берди.

Мен үйүмө жөнеп жатканда бир түп уланган коконгилас көчөтүн колума берди.

- Мунун түбүн ылайы, жери менен кошо казып чыгардым. 18-20 сантиметр чукур казып олтургузуңуз.

Азыр ошол Маматкарим берген улама коконгилас бүрдөп, гүлдөө алдында турат. Менин да 4 түп мөмө берип жаткан жаңак дарагым, алды мөмөгө кирген 26 түп коконгиластарым, 1 түп өрүгүм, 4 түп анарым, кайналы, жүзүмдөрүм, бардыгы болуп 51 түп мөмөлүү дарактарым бар. Короомдун этегине быйылкы жылы 103 түп терек көчөттерүн отургуздум.

Ой туугандар, калайык калк. быйыл бардыгыңар да көчеттү көп олтургузгула. Балдарыбызга дүпүйгөн калың бак калтыралы. Түрк элинде «Жакшыдан бак калат» деген сөз бар.

# РАСУЛЖОННИНГ БОҒИ



Новкент тумани ва унинг маркази бўлган Моси қишлоғида доим сув танқислиги сезилиб келган. Баҳорда ҳеч қаёққа сиғмайдиган сув ёз ойларида, айни экинларни суғориш зарур бўлган пайтда ниҳоятда тақчил бўлиб қолади. Шунинг учун туманнинг жуда кўп жойларида, жумладан, Мосида дов-дарахт ўстириш кишидан катта чидамни талаб қилади.

Лекин мосиликлар табиат инжиқликларидан қўрқадиган одамлардан эмас. Улар йил сайин вилоят давлат маъмурияти томонидан ободонлаштириш ва кўкаламзорлаштириш уч ойлиги эълон қилиниши биланоқ маҳаллаларни тозалаш, дов-дарахтларнинг тагини юмшатиш, йўл бўйлари, пайкаллар четларига мевали ва манзарали дарахт кўчатларини ўтқазишга киришадилар. Қишлоқ округининг бошлиғи Одилжон Мамитов узоқ йиллар турли раҳбарлик лавозимларида ишлагани учун ҳам бундай кезларда катта ташкилотчилик намуналарини кўрсатади, ортидан одамларни эргаштира олади.

Бу йилги ободонлаштириш ва кўкаламзорлаштириш уч ойлиги ҳам қишлоқда уюшқоқликда ўтказилди. Қишлоқ бўйича 36200 туп мевали ва манзарали дарахт кўчатлари, 2000 туп тут кўчати экилди. Ўрни келганда шуни айтиб қўйиш керакки, узоқ йиллар Мосининг катта карвони бўлиб келган «Москва» колхозида (кейинчалик кооператив) 20 минг туп тут дарахти мавжуд бўлиб, пиллачиликнинг озуқа базасини мустаҳкамлаш, ипак қурти етиштиришда муҳим аҳамият касб этиб келган. Хўжалик давлатга 17 тоннага етиб пилла топширган йиллар бўлди. Ўшанда пилланинг бир килоси пахтага нисбатан 6-7 марта ортиқ баҳоланарди. Афсуски, ерларни бўлиб олиш бошланганда эгасиз қолган тут дарахтларининг кўпи ўтин учун кесилиб кетди. Пиллачиликни ривожлантириш

тарафдорларидан бири бўлган О. Мамитов қишлоқ бошқаруви раҳбарлигига сайлангач, пайкал четлари ва йўл бўйларига тут ниҳоллари экиш иши қўлга олинди. Бу тадбир қишлоқни яшил тусга киргизибгина қолмасдан, сердаромад ҳисобланган пиллачиликни қайта ривожлантиришга ҳам йўл очади.

Қишлоқда баҳор ойларида бажарилган ишлар ҳақида гапирганда, 150 километр узунликдаги сув йўллари тозаланганлиги, 11 километр йўл ўнгланганлиги, шунингдек, 500 тоннага яқин ахлатлар чиқариб ташланганлигини ҳам айтиб ўтиш зарур.

Колхоз ривожи ўз чўққисига чиққан йилларда 4 та боғ бўлиб, уларнинг умумий майдони 36 гектарни ташкил қилган. «Бўлинганни бўри ейди» деганларидек, якка хўжаликлар кўпайгач, 70 йилда тўпланган колхоз мулки талон-торож қилиниб, боғларнинг ҳам файзи ўчди. Тўғри, колхоз ўрнида ташкил топган кооперативни сақлаб қолиш учун астойдил ҳаракат қилган фидойилар ҳам бўлди. Бироқ бутун республикада, қўшни вилоятлар ва туманларда ерлар улуш қилиб берилиб, ҳар ким кўнгли тусаган ишни қила бошлаганини кўрган мосиликларнинг бошини бир жойда ушлаб туришнинг барибир иложи бўлмади. Ўпкасини чўпга илган одамлар хато қилганликларини кеч бўлсаям тушуниб етдилар, энди уларнинг кўпи бирлашиб ишлаш маъқул эканини тан оляпти.

Шуниси қувонарлики, йўқ қилинган боғларни тиклаш, қишлоқни яна яшил масканга айлантириш орзусида юрган инсонлар амалий ишга аллақачон киришганлар. Шулардан бири таниқли тадбиркор Расулжон Мараимовдир. У 2005 йили қишлоқнинг ғарб томонидаги 7 гектарли эски кўл ўрнини ўн йилга ижарага олган. Бу ерни текислашнинг ўзигина катта куч-ҳаракатни талаб қиларди. Лекин Расулжон қийинчиликлардан чўчиб ўтирмади, қолаверса, унга туман ҳокими Турдумамат Сагиндиков, Жогорку Кенешнинг собиқ депутати Женишбек Эшенкулов ва қишлоқ бошқаруви раҳбари Одилжон Мамитов ҳар томонлама ёрдам бердилар. Боғ томонга ариқ қазилиб, сув олиб келинди. Тўрт йиллик меҳнат ўз самарасини бериб, бу ерда ажойиб боғ кўкка бўй чўза бошлади. Ҳозирданоқ янги боғни қишлоқнинг энг хушманзара жойига айланди, деса бўлади. Боғнинг 5 гектарини Расулжон Мараимовнинг ўзи,

қолган 2 гектарини эса куёв боласи Ваҳобжон Абдуллаев парвариш қилмоқда.

Боққа ўтган йилларда экилган 10 минг туп терак, 2,5 минг туп олма, минг туп гилос, 300 туп шафтоли, 50 туп ўрик яхши кўкариб, мева бера бошлади. Бу йил баҳорда анча-мунча қуриб қолганлари ўрнига яна 150 туп мевали дарахт кўчатлари ўтқазилди.

Боғ яратиш Шарқ халқларида энг савобли ишлардан биридир. Расулжон Мараимов барпо этаётган боғ вақти келиб мосиликларнинг фахрига айланиши ва бу ерга энг азиз меҳмонларнинг ташриф буюришига, одамлар уни «Расулжоннинг боғи» деб аташларига шубҳа йўқ. Туман ҳокими Т. Сагиндиков яқинда боғдаги ишлар билан танишиш учун келганида худди шу гапни айтди. Биз ҳам унинг фикрига тўла қўшиламиз.

◊

## ПАХТА – АЛТЫНГА ТЕҢ БАЙЛЫК

Адамзаттын булалуу өсүмдүктөрдөн пайдаланышынын башталышы байыркы дүйнөгө барып такалат. Алгачкы жип ийирүүчү, токуучу станоктор биздин доордон 2500 жыл илгери Грецияда, 4000 жыл илгери Египетте пайда болгон. Ал кездерде ийире турган, токуй турган була материалдары жүн, жибек пилласы жана зыгыр, кенеп паялары болгон.

Пахта дагы эң кадимки ийирүүчү булалардан болуп саналат. Бирок, адам баласы кайсыл убакыттан бери пахтаны пайдалангандыгы жөнүндө ушул күнгө чейин толук далилдер жок. Эрабыздан 3000 миң жыл илгери Моенджо Даро доорунда Индиядагы Инди дарыясынын өрөөнүндө коомдук өнүгүү маданиятынын тарыхынан индиялыктардын пахтадан дүйнөдө биринчи болуп пайдалангандыгы аныкталып олтурат. Буга башка дагы көп жазылмалардан, адабияттан, изилдөөлөрдөн алынган тарыхый далилдер бар. Маселен, 445 жыл мурдагы Геродот жөнүндөгү жазылган адабияттарда, Александр Македонскийдин (эрабызга чейинки 334-323-жылдарда) Индиянын Синд өрөөнүн басып алгандыгы жөнүндөгү жазылган маалыматтарында пахта жөнүндө сөз козголгон.



Кыскасын айтканда, пахтачылык Индияда, Египетте, араб өлкөлөрүндө, Кытайда, алардан кийин Индонезияда, Бирмада, Борбордук Азияда эрабыздан илгери өнүгө баштаганын тарых ырастайт.

Азыркы доордо пахта өсүмдүгү дүйнөнүн Америка бөлүгүндөгү 15 тен ашык, Европадагы 6, Азия жана Австралиядагы 15, Африкадагы 21 мамлекетте же бүткүл дүйнөнүн 60 ка жакын мамлекеттеринде эгилип келе жатат.

Пахта өнөр жай, азык-түлүк товарларын өндүрүүдөгү эң баалуу өсүмдүк болуп саналат. "Жери байдын эли бай" деген сыңарындай эле, пахтасы көп кооперативдердин, дыйкан чарбаларынын, акционердик коомдордун акчасы көп, эли бай, турмуш деңгээли да жогору.

Сиздер билесиздерби, 1 тонна пахтадан Россиянын, Кытайдын, биздин завод-фабрикаларыбыз, комбинаттарыбыз эмнелерди алат? 1 тонна пахтадан 320-340 килограмм пахта буласы, 560-580 килограмм чигит алынат. Эми ошол алынган пахта буласынан 3500 квадрат метр кездеме, 580 килограмм чигиттен болсо 112 килограмм ак май, 10 килограмм самын, 270 килограмм күнжара, 170 килограмм чигит кабыгын (шелуха) жана 8 килограмм тыбыт (линт) алынат.

"Ак алтын" асыл зат экөн. Кийимибиз, абийирибиз, казанга сала турган майыбыз, мал-койлорубуздун жеми да, үстү-башыбызды жууй турган самыныбыз да пахта экен. Пахтадан мындан башка да көп нерселерди жасаса боло тургандыгы баарыбызга белгилүү.

Пахтанын төмөнкү сортторунан кагаз да чыгарылат, пахтанын гозопаясы малга тоют, очокко, тандырга жаксаң отун болот.

Пахта өсүмдүктөрүнүн жалбырактары да токойлор, бак-дарактар сыяктуу эле абада учуп жүргөн көмүр кычкыл газды, чаңдарды жутуп, өзүнөн адамга пайдалуу кычкылтекти чыгарат, пахта плантацияларында климатты жакшыртат.

Тажрыйбалуу балчылар бал аарыларын пахта майдандарына жакын жерлерге алып келип коюшат. Аарылар гозонун гүлдөрүн чаңдатып, пахтанын түшүмүн жогорулатат.

Тыт дарактары да пахта үчүн абдан пайдалуу, гозолорду керимсел шамалдан коргойт, ысыктан да, сууктан да сактайт. Пахтаны кеп эккен езбекстандык пахтачылар пахта аянттарынын айланасындагы тыттарды "ихота" (тосмолор, ограждениелер) деп билишет. Өзбекстандык пахтачылар Совет доорунда мамлекетке жылына 5,5-6 миллион тонна пахта тапшырганын билебиз. Т. Усубалиев Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин биринчи секретары болуп иштеген жылдарда пахтанын жылдык дүң түшүмүн 240 миң тоннага чейин жеткирген.

Ошол жылдарда тыт дарактары көп болуп, пахта менен бир катарда пиллачылык да абдан өнүктүрүлгөн эле.

Илгери айланасын калың тыт дарактары курчаган аянттарга пахта эгишкен сакалдылык Калдар Мамасалиев, Матай Абдыраимов, Камал Султанов, кылалык (момбековдук) пахтачылар Малик Акчабаев, Маткалык Амадалиев, бүргөндүлүк Абдуллажан Казаков, ноокендик Саадат Ногоева жана башкалар ар гектар пахта аянтынан 53,5-78,4 центнерден, алардын ичинен Матай Абдыраимов болсо ар гектар пахта аянтынан 1947-жылы 97,3 центнерден тушум алып, Социалисттик Эмгектин Баатыры болгон, калгандары 60-70- жылдарда Социалисттик Эмгектин Баатырлары болушкан. Азыр бардыгы маркум, Ноокен районунун борбору Масы айылында алардын эстелик айкелдери тургузулган. Бул райондон чыккан 14 Социалисттик Эмгектин Баатырларынан 8 киши звено башчылары, бригадирлер, 4 киши колхоздордун төрагалары, бир киши Шамши Суеркулов врач, бири Петр Тимофеевич Слюсаренко куруучу болгон. Мен булардын бардыгын көргенмүн, аңгемелешкенмин, журналист катары алар жөнүндө гезиттерге макалаларды жазганмын.

Жылдан-жылга тыт питомниктери, тыт дарактары кесилип, кыйылып жок болгон сайын пахтанын түшүмдүүлүгү начарлай баштады. Оштогу грена заводу, дүйнөгө даңкы кеткен жибек комбинаты да иштебей калды. Миңдеген кишилер район, шаарларда ишсиз калышты. Бул жоголгон-бүлүнгөндөр кайра калыбына келтирилиши зарыл.

Ушул азыркы таңкыстыктан, кымбатчылыктан тезирээк чы-

гып кетүүгө, бай болууга да пахта абдан чоң өбөлгө боло тургандыгы айтпаса да белгилүү. Келечекте пахтачылыкты, аны менен бир катарда эле жибекчиликти (пиллачылыкты) да өнүктүрсөк, талаптагыдай сонун болор эле. Илгери Н.С. Хрущев пахтачылардын Бүткүл союздук курултайында мындай деген: "100 гектар жерге пахта эгип, ар гектарынан 25 центнерден түшүм алгыча, 50 гектар жерге пахта эгип, ар гектарынан 50 центнерден түшүм алгыла. Ошондо 50 гектар жер үнөмдөлөт, ал жерге жүгөрү эккиле!"

Мен айтамын: келгиле, дыйкандар, пахта аянтын кыскартып - 50 гектар жерге пахта эгип, калган 50 гектарына күздүк буудай эгели, 70-80 центнерден дан алып, ордуна тезинен айдап туруп июнь айынын экинчи жарымында болсо да пахта эгели. Анда ошол пахтадан да кеминде 30 центнерден түшүм алабыз. Ошентсек, жерден жылына эки түшүм алсак, биз – кыргызстандыктар коңшулаш Кытайды да, Японияни да, АКШны да кууп жетип алабыз. Биздин тоолорубуз көп. "Тоосу байдын эли бай" деген макал да бар.

"Бизде сугат суусу турмак, ичимдик суубуз жок, кайдан жүрүп жылына эки тушум алабыз" дегендер да арабызда көп. "Дарыялар тоолордон башталат" дейт элибиз. Жерибиздин 94 пайызы эле келдердүн, сай, дарыялардын ордулары. Токойлорубуз сейректешип, айрым жерлери биротоло кыйылып, өрттөлүп жок болгон, тоолорубуз томсоргон. Келгиле, бардык 7 облусубузда да токойлорду жок дегенде мындан 70 жыл мурдагы калыбына келтирели. Айрыкча, жаңак токойлорун көп эгели. Ичүүчү сууну да, сугат суусун да ошол токойлор жаратат. Бул ишке азыртан киришели, 3-4 жылда ойдогудай иштейли. Анан келечекте өлбөгөндөр, Кудай каалаca керөбүз, сай-дарыяларыбыз сууга толуп-ташып агып, пахта, дан жана башка эгиндерибиз кошумча 2-3 жолу кандыра сугарылып, бай болобуз. Сууларыбыз ашып-ташып агып барып, Арал деңизин да сууга толтурабыз. Ушинтели, туугандар. Менин сунушум ушул.

## ПАХТАЧЫЛАРДЫН ЭМГЕГИ КАЧАН БААЛАНАТ?

Илгери союз мезгилинде Кыргызстанда пахтачылык өнүктүрүлүп, пахта Түндүк-Түштүк региондорунда жана тоолуу райондорунда да эгилүүчү. Кийин барып Түндүк Кыргызстанда пахтанын ордуна кант кызылчасы, жүгөрү, дан эгиндери гана эгилип калды. Бирок Түндүктө пахтачылык алынып салынса да, ал жерде бир “Жаңы пахта” деген айылдын аты калды.

1954-жылы 17-20-ноябрда Ташкент шаарында пахтачылардын Бүткүлсоюздук биринчи курултайында ВКП(б) БКнын биринчи катчысы Н.С. Хрущев чыгып сүйлөп, Казакстан менен Кыргызстандын пахтачыларын катуу сынга алган. Кыргызстандын пахтачылары 1953-жылы ар гектар пахта аянтынан 16 центнерден, 1954-жылы болсо ар гектардан 9 центнерден гана пахта өстүргөнүн сындаган.

1951-1957-жылдарда Жалал-Абад областында партиянын Ленин (азыркы Ноокен) районунун биринчи катчысы болуп Кадырмат Султанов иштеген эле. 1956-жылы район боюнча 8300 гектар аянтка пахтанын чигити эгилип, ар гектарынан 27 центнерден түшүм алынган болчу, мамлекетке 22,5 миң тонна пахта тапшырылган. Бул жогорку көрсөткүчтөрү үчүн партиянын райкомунун биринчи катчысы Кадырмат Султанов, райондук аткаруу комитетинин төрагасы Кушназар Юнусалиев 1957-жылы СССР Жогорку Советинин Президиумунун Указы менен Социалисттик Эмгектин Баатыры деген жогорку атактуу наамды алышкан. Кийинчерээк Ө. Кайыпов, Э. Юсупов, А. Казаков да Социалисттик Эмгектин Баатырлары болушкан.

Өткөн 3 жылдын ичинде Ноокен районунун пахтачылары илгерки союз мезгилиндеги көрсөткүчтөрдөн алда канча алдыга карай озуп кетишти десем жаңылышпаймын.

Турдумамат Садыкбекович Сагындыков Президенттин жарлыгы менен Ноокен районуна мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким болуп дайындалып келгенине 3 жыл болду. Ал районго келген күндөн баштап ишке катуу киришип иштөөдө.

Өткөн жыл жыйынтыгы абдан жакшы болду. Эгилген дан эгиндеринен 30560 5 тонна түшүм алынды. Илгертен бери эле пахтачылык райондун айыл чарбачылыгынын негизги тармагы болуп саналуучу. 2008-жылы район боюнча 9751 гектар аянтка пахта эгилип, ар гектар аянттан 33 центнерден түшүм жыйналды.

"Атын атаса, куту сүйүнөт" деген элде макал бар. Илгери элибиз пахта, пахта жана пахта дечү эле. Азыр пахтадан ноокендиктер арбын түшүм алса да, терилип тапшырылган пахталар сатылбай үйүлүп жатат.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, айрыкча айыл чарба министрлиги дыйкан пахтачыларга тезинен жардам көрсөтпөсө, келечекте пахта өндүрүүнү дагы бийик деңгээлге көтөрбөсө болбойт. Пахтачылардын ийгиликтери бааланбай келе жатканына этө таңмын.

## АЛДЫҢКЫ ПАХТАЧЫ ЭЛЕ



Жалал-Абад облусунун Ноокен районунун Масы айыл өкмөтүнүн аймагында илгери "Большевик", "Кызыл Октябрь", Андреев атындагы жана "Кызыл Туу" колхоздору болгон эле. Рузванхан 16 жашында "Большевик" колхозуна мүчө болуп кирип, колуна кетмен алып, колхоздун пахта талаасына чыкканын билемин. Анда мен 10 жашар бала элем.

Мына ошол жаш колхозчу кыз Рузванхандын эпкиндүү эмгеги тез эле элге көрүндү. Аны бүткүл район тааныды. Ал колхоздо дайыма пахта аралыгында иштөөдө да, пахтаны кол менен терүүдө да алдыңкы орундардын бирин ээледи. Ал мыкты иштеген-

диги үчүн жылдын жыйынтыгы боюнча жана майрамдарда колхоз башкармасы, райондук жетекчилер тарабынан мактоо кагаздарын, баалуу сыйлыктарды алып турду.

Уч жыл удаасы менен ал башкарган звенонун пахтачылары 8 гектар пахта аянтынын ар гектарынан пландагы 16 центнердин ордуна 32-35 центнерден түшүм алууга жетишти. Өзү болсо звенону башкаруу менен бирге ар жылы сезондо 4 тонна ордуна 10-12 тонна пахта терип, кырманга тартып турушту.

1939-жылы Москва шаарында Бүткүлсоюздук айыл чарба көргөзмөсү (ВДНХ) ачылды. Ошол жылы "Большевик" колхозунан ВДНХга катышуу үчүн Москвага Рузванхан Мамытова, Рыслыгай Сатыбалдиева, Рабиябү Орунбаева жана Арапбай Миралиев дегендер барышкан болчу. Алар Москвадан ВДНХнын алтын, күмүш медалдарын тагынышып келишкен эле. Бул жөнүндө Масы айылынын жашоочулары ушул күнгө чейин эскерип жүрүшөт.

1939-1940-жылдары колхоз райондогу ири көп тармактуу чарбага айланды. Колхоздо пахтачылык, эгинчилик, пиллачылык менен бир катарда мал чарбачылыгы да енүгүп бара жатты. Ошол жылдарда колхоз бардык өсүмдүктөрдөн мол түшүм алды. Мал чарбачылыгынан да арбын эт, сүт, жүн өндүрүлдү. 1940-жылы колхозго "СЗК" комбайны келди. Мурда буудайлар кол күчү менен орулуп, кырманда ат менен тебелетилип жанчылып, бешиликтер менен сапырылып, тазаланып жатса, эми комбайндын күчү менен гана орулуп, жанчылып алына турган болду. Кол эмгеги акыл эмгеги менен алмаштырылып, жеңилдетилди.

Колхоз башкармасы Рузванхан Мамытованы колхоздо уюштурулган комсомолдук-жаштар кыздар бригадасына бригадирликке дайындады. Колхозчулар "Бардыгы фронт үчүн", 'Жеңишибиз үчүн" деген девиздин астында астейдил жең түрүнүп иштешти. Рузванхан бир топ сыйлыктардын ээси болду. Ийгилиги менен элге таанылды. Анын замандаштары да иштермандар эмес беле убагында.

## ӨЗБЕКТЕН ЧЫККАН ҮЧ БААТЫР

Ноокен району Өзбек Республикасынын 3 району, башкача айтканда, Андижан областынын Пахта-Абад, Избаскент, Наманган областынын Уч-Коргон райондору менен коңшулаш жайгашкан. Кадимки өзбектер менен кыргыздар бири-бири менен кыз алып, кыз берип, бир туугандай болуп кетишкен.

Ноокен районунун Масы кыштагында 21 миңден көбүрөөк эл жашаса, алардын 53,9 пайызы кыргыздар, калгандары ар түрдүү улуттардын екүлдөрү болуп саналат.

Ноокен району "Баатырлардын мекени" деп аталып келе жатат. Союз мезгилинде райондон 15 Социалисттик Эмгектин Баатыры өсүп чыгышкан. Алардын үчөө өзбек улутунан. Эмесе, ошолор тууралуу баяндайлы.

### *Абдуллажан Казаков (1908-1976)*



Абдуллажан ага Андижан областынын Пахта-Абад районунун Маданият айылында туулган. Ал жаштайынан эле өзүнүн айылында колхозчу болуп эмгектенген. 1933-жылы Ноокен районундагы Бүргөндү айылына көчүп өткөн. Узак жылдар удаасы менен Карл Маркс атындагы колхоздо катардагы колхозчу, звено башчысы, бригадир болуп адал эмгектенген.

1955-жылы ал жетекчилик кылган бригаданын пахтачылары 88 гектар пахта аянтынын ар гектарынан 45 центнерден, 1956-жылы 48 центнерден түшүм алган. Бул жетишкен ийгиликтери үчүн Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наамга татыктуу болгон. Ал мындан тышкары дагы Ленин, Эмгек Кызыл Туу, "Ардак белгиси" ордендери, медалдар жана төш белгилери менен сыйланган.

Азыр Абдуллажан Казаковдун 9 баласы, 40 тан ашык неберелери, 30 чебереси бар. Жашы улуулары азыр Бүргөндү айыл округунда татыктуу эмгектенип жатышат.

### *Халдар Мамасалиев (1908-1976)*



Халдар ага Өзбекстандын Фергана областынын Ак-Коргон айылында туулган, Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу. Ноокен районунун "Коммунизм" колхозунда алгач сугатчы, звено башчысы, 32 жыл бригадир болуп жемиштүү иштеген.

Ал бригадасына бекитилип берилген 70 гектар пахта аянтынын ар гектарынан жыл сайын 40-45 центнердин айланасында түшүм алып турган. 1947-жылы ал пахтанын түшүмдүүлүгүн гектарына 73 центнерге жеткирген. Бул ийгиликтери үчүн 1948-жылы Халдар Мамасалиевге Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам берилген.

### *Малик Акчабаев (1932-2005)*



Ал Ноокен районунун Момбеков айыл округундагы Кыла кыштагында 1932-жылы туулган. Жаш кезинде эле ата-энесинен ажырап жетим калган. Ал Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында 13-14 жаштайынан эле Каганович атындагы колхоздо алгач катардагы колхозчу, кийин пахтачылыкта звено башчысы, бригадир болуп иштей баштаган.

Айрыкча, 1976-1979-жылдарда пахтачылыкты өнүктүрүүдө мактоого татыктуу иштеп, жыл сайын гектарынан 40-45 центнерденге жеткире түшүм алууну камсыз кылган. 1979-жылы бригадасына бекитилип берилген 80 гектар пахта аянтынын ар бир гектарынан 53,5 центнерден түшүм алган. Бул жетишкен сонун ийгиликтери үчүн ал Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наамды алган.

Малик Акчабаев 2 жолу Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты болуп шайланган, Кыргыз ССРинин Мамлекеттик сыйлыгынын ээси да болгон.

М. Акчабаев эмгектик пенсиясына чыккандан кийин Кочкор-Ата шаарынын базаркому болуп дүйнөдөн кайтыш болгуча иштеген.

## КАЛИПАНЫН "АК АЛТЫНЫ"



Калипа Акматкулова "ак алтын" майданындагы эпкиндүү эмгеги үчүн Кыргыз ССРинин мамлекеттик сыйлыгына татыктуу болду. Родинанын жогорку сыйлыгына шыктанган бригаданын мүчөлөрү быйыл жылдагыдан да мол түшүм жыйнап тапшыруу үчүн ого бетер уюшкандыкта иштеп жатышат.

Мындан чейрек кылым илгери колхозчулар бул жерлерди жаңыдан өздөштүрө баштап, анча-мынча тегизирээк жерлерине арпа, буудай эгишчү. Жаанчыл болгон жылдары дан эгиндеринин түшүмү 6-8 центнерге жетип, кургакчылык жылдарда жер сыйпалап калышчу. Бул таштак, кумдак жерлерге пахта эгилет, арбын түшүм алынат, бул жерлер гүлдөп, жашыл кымкап жамынат деп эч ким ойлогон эмес.

"Жаңы-Турмуш", "8-март" жана "Бирлик" сыяктуу бытыранды колхоздор ирилештирилип, "Ленин жолу" колхозу түзүлгөндөн кийин кубаттуу техниканын күчү менен ошол илгерки бийик Таш-Дөбөнүн этек жагында созулуп жаткан жүздөгөн гектар жерлер өздөштүрүлүп, пахта, жүгөрү, жашылча эгиле баштады.

Таш-Дөбөнүн ташы да керекке жарады. Анын ташы 50-жылдарда Совет айылын кесип өткөн чоң каналдын астына, эки капталына төшөлүп, "Ленин жолу" жана "Москва" колхоздорунун пахта, эгин талааларына суу жеткирилген.

Илгери ушул жерге эч ким бригадир болууга белсенчү эмес.

Анткени, түшүм колхоз боюнча эң төмен эле. Айрым жылдары түшүмдүүлүк 12-14 центнерден ашчу эмес.

Арадан жылдар учкан куштай зуулдап өттү. Калипа орто мектепти да ийгиликтүү аяктады. Ал 8-класста окуп жүргөндө эле ким болуу жөнүндө терең ойлонуп, келечекке ой-акыл жүгүртчү. Ошол кездерде газета-журналдарда Социалисттик Эмгектин Баатыры, атактуу механизатор Саадат Ногоева жөнүндө кеп макала, очерктер жазылчу. Саадат эженин жыл сайын 100-170 тонна "ак алтынды" "көгүлтүр кеме" менен тергенин Калипа газета-журналдардан окуп, радиодон угуп, анын жолун жолдоого ниеттенчү.

"Эжени көрүп, сиңди өсөт" дегендей, Калипа колуна жетилүү аттестатын алары менен Жалал-Абад шаарындагы кесипчилик-техникалык окуу жайын кездей жөнөдү. 1972-жылы аны ийгиликтүү аяктап, өзү туулуп-өскөн "Ленин жолу" колхозунда механизатор болуп иштеп калды. Ал иштеген бригадада пахтадан аябай мол түшүм естүрүлдү, анткени жаш механизатор культивациялоо жумуштарын абдан сапаттуу жүргүзгөн эле. Ошол алгачкы эле жылы Калипа "көгүлтүр кемеси" менен 117 тонна "ак алтын" жыйнады. 1973-жылы Калипа мурдакысынан да тырышып иштеди, түшүм ал иштеген бригадада башка бригадалардагыдан мол болду. Бул жылы ал 214 тонна пахтаны өткөрдү.

Кийинки жылы колхоздо "Карлыгач" аттуу кыздар бригадасы уюштурулду. Колхоз башкармасы, партиялык, комсомолдук комитеттери Калипаны анын бригадирлигине шайлашты.

"Ленин жолу" колхозу тоо этегинде жайгашкан, мында кыш эртерээк түшсө, жаз кечигип келет. Ошого карабастан Калипа Акматкулова башкарган кыздар бригадасы жыл сайын пахтадан мол түшүм алууда. 1976-жылы 80 гектар пахта аянтынын ар гектарынан 30,5 центнерден түшүм жыйналса, беш жылдыкта ошол эле аянттын ар гектарынын түшүмдүүлүгү 10,5 центнерге өстү.

Онунчу беш жылдыкта бригада пландагы 1163 тоннанын ордуна 1498 тонна "ак алтын" өндүрүп, мамлекетке тапшыруунун беш жылдык планын 120,9 пайызга орундатышты, же беш жылдык планга кошумча 335 тонна пахта өндүрүштү.

Айрыкча Калипанын өткен жылдагы эмгеги мактоого татыктуу. Бул жылда бригаданын кыздары 80 гектар пахта плантациясынын ар гектарынан милдеттенмедеги 40 центнердин ордуна 41 центнерден түшүм алышып, мамлекетке пахта тапшыруунун жылдык планын 135 пайызга орундатышты. Дүң жыйымдын 115 пайызы жалаң биринчи сортко тапшырылды. Ал эми өзү "кегүлтүр кемеси" менен 160 тонна пахта терди.

Калипа калктын ишеничине, кадыр-баркына ээ болду. Ал 1975-жылдан бери Кыргыз ССР Жогорку Советине депутат. Депутат – элдин кызматкери. Ошондуктан Калипа дайыма бардык күчүн, мүмкүнчүлүгүн езүнүн элине, жерине жумшап, шайлоочулардын берген наказдарын аткарып келе жатат.

Онунчу беш жылдыкта Шайдан айылы, айланадагы айылкыштактар таанылгыс болуп езгөрдү, өстү, көрктөндү. Кыштакта эки кабаттуу орто мектептин имараты, эки кабаттуу Маданият үйү, балдар бакчалары, талаа стандары, медпункт жана башка коомдук курулуштар пайдаланууга тапшырылды, бак-дарактар тигилди.

Азыр колхоздо 800 баш уйга ылайыкталган комплекс курулуп жатат. Колхоздор аралык жолдорго шагыл төгүлүп асфальтталган, Шайдан, Шыдыр, Совет, Бирлик, Ленин-Жол кыштактарын айланып автобус каттайт.

К. Акматкулова партиянын райондук комитетинин мүчөсү, ВЛКСМдин XVII съездине делегат болуп катышкан.

Активдүү коммунист, ишмер кыздын эмгеги жогору бааланып, СССР Жогорку Советинин Президиумунун Указы менен "Эмгектеги артыкчылыгы үчүн" медалы менен сыйланган, ошондой эле Кыргыз ССР Жогорку Советинин, ВЛКСМ Борбордук Комитетинин, Кыргызстан ЛКСМ Борбордук комитетинин Ардак грамоталарын алган.

К. Акматкулова өз билимин жогорулатуу үчүн азыр Фрунзе шаарындагы Скрябин атындагы айыл чарба институтунда сырттан окуйт.

# ПАХТАДАН ЮЗ ЎГИРИШМАЯПТИ

Она ер азалдан элни боққан, кийинтирган. Еридан ажралган эл турмушидан, ризқ-рўзидан ажралади. Халқимизда «Она ер тупроғи олтин» деб бежиз айтилган эмас. Қирғиз халқида «Мол топганники эмас, боққанники» деган мақол бор. Ер ҳам эгаллаб олганники эмас, ундан мўл ҳосил олганникидир. Ерга қанчалик ишлов берсанг, боқсанг, шунча барака кўрасан.

Новкентликлар пахта эккан бой бўлишини яхши билишади. Мисол учун, бир гектар ерга буғдой экиб, 40 центнер ҳосил олсанг ва бир килограммини 10 сўмдан сотсанг, 40000 сўм пул бўлади. Агар шунча ерга пахта экиб, 40 центнердан ҳосил олсанг ва бир килосини 25 сўмдан сотсанг, юз минг сўм пул бўлади.

Қирғизистонда совет даврида ҳар гектар ердан 50-60 центнергача ҳосил олган пахтакорлар кўплаб топилади. Иттифоқ даврида Новкент (собиқ Ленин) туманидан 14 Социалистик Меҳнат Қаҳрамони етишиб чиққан бўлса, улардан 10 нафари пахта бригадаси бошлиғи, механизатор, колхоз-совхоз раислари бўлишган. Барчасининг исмлари Қирғизистон энциклопедиясида қайд этилган.

Пахта дунёдаги энг қимматбаҳо, олтинга тенг техник ўсимлик эканини биласизми? Бир тонна пахтадан 320-340 килограмм тола, 560-580 килограмм чигит олинади. Олинган толадан 3500 квадрат метр газлама, чигитдан эса 112 литр оқ ёғ, 10 килограмм совун, 270 килограмм кунжара, 170 килограмм чигит қобиғи (шелуха) ҳамда 8 килограмм линт (тивит) олинади («Справочник по хлопководству», г. Ташкент, 1981 г, стр. 5).

Энди ғўзапояга келсак, у учоқ, тандир учун аъло сифатли ўтин ҳисобланади. Ёғини овқат пиширишда ишлатсак, кунжара ва шелухаси билан мол-қўйларни боқамиз. Мол-қўйлар семириб, гўшт, сут, ёғ ва жун беради. Ёки мол-қўйни бозорга олиб бориб сотсанг ҳам пул. Ана, энди бир ўйлаб кўринг-чи, пахтанинг қандай ажойиб, фойдали ўсимлик эканини.

Иттифоқ даврида Қирғизистон шимолида, Чуйда ҳам пахта экиларди. Йўқса, ўша ёқдаги «Янги пахта» деган қишлоқнинг номи осмондан тушибдими?

Новкент тумани Қирғизистоннинг пахтачилик базаларидан бири бўлиб келган. Новкентлик пахтакорлар рес-публика «оқ олтин» хирмонига катта ҳисса қўшишиб, давлатга 80 минг тоннадан ошириб пахта топширган вақтлар бўлган.

Тўғри, сўнгги йилларда республикамизда пахтачиликка эътибор анча сусайди. Кўп туманларда пахта жуда оз экилиб, ҳосилдорлик ҳам пасайди. Бироқ новкентликлар пахтачиликдан қўл узмай, сув танқис бўлишига қарамай, Иттифоқ тарқагандан кейин ҳам ундан мўл ҳосил олиб келишмоқда. Улар фақатгина ўтган йили энг оз - 4635 гектар ерга пахта экишди. Сабаби, сувнинг танқис бўлишидан қўрқишди. Бироқ ўтган йили сув етарли бўлди. Пахтакорлар гектаридан ўрта ҳисобда 30,5 центнердан ҳосил олишиб, 16 минг 71 тонналик хирмон яратишди.

Бу йил туман пахтакорлари сиёсий беқарорликка қарамасдан, фаровон ҳаёт учун пахтани кўпроқ экайлик, иқтисодиётни юксалтирайлик дейишиб, ҳар бир қишлоқ округида пахтани кўпроқ ерга экишга эътибор қаратишди. Натижада 7902 гектар майдонга пахта экилди.

Туманда ғўза парвариши яхши бормоқда. Мисол учун туман марказидаги Ж. Токтогулов бошчилигидаги Моси қишлоқ округини олайлик. Бу ерда бултур 400 гектарга пахта экилган бўлса, бу йил 1095 гектар майдонга пахтанинг «Қирғиз-3» ва Ўзбекистонда яратилган «Армуғон», «Андижон-35» навлари экилди. Қишлоқ округининг «Оқ олтин» қишлоқ хўжалик кооперативида, кўплаб деҳқон хўжаликларида ғўзалар бир текис кўсаклаб, олди очила бошлади.

Илғор пахтакорлардан Убайдулла Нусратиллаев 3 гектар, Бахтиёр Тошпўлатов 1 гектар, Толибжон Содиқов 2,5 гектар, Бакир Ҳасанов 0,85 гектар улуш ерларига экқан пахтани кўрган кишининг кўзи қувонади. Майдонларга уч марта комплекс ишлов берилди. Бу ҳаракатлар пахтадан юқори ҳосил олинишини кўрсатиб турибди. Пахта экилган бошқа қишлоқ округларида ҳам парвариш ва теримга тайёргарлик ишлари намунали боряпти.

# БИОЛАБОРАТОРИЯЛАРДЫ КАЛЫБЫНА КЕЛТИРЕЛИ



Аминахан Абдыллажанованы бир гана Ноокен районунун эли эмес, коңшулаш райондордун элдери, ошондой эле Казакстандын мурдагы борбору Алматы шаарынын жашоочулары да таанышат. Ал райондун борбору Масы айылында туулуп, ушул жердеги орто мектептин орус классында окуп, окууну алтын медаль менен бүтүрүп, ошол эле жылы Фрунзеге (Бишкек) барып, Кыргыз Айыл чарба институтунун агрономия факультетине кирет. Бул жерде эки жыл окуп, андан кийин ал Казакстандын Алматы шаарындагы Айыл чарба институтунда окуусун улантат. Институтту ийгиликтүү аяктап, ал Казакстандын айыл чарбасынын жетишкендиктеринин көргөзмөсүндө Айыл чарба павильонунда экскурсия башчысы болуп эмгектенет. Кийинчерээк Алматы шаарынын четинде «Гүлдер» («Гүлдөр») совхозу уюштурулуп, ал жерде агроном болуп иштеди, дүйнөнүн түрдүү түстүү гүлдөрүн өстүрдү. Ошентип ал 12 жыл Казакстанда иштеп, анан өзүнүн туулган Масы айылына кайтып келди.

1979-жылы Ноокен районунун (анда Ленин району) Москва колхозунда «Таң нуру» аттуу комсомолдук-жаштар бригадасы уюштурулуп, биолаборатория ачылып, аны Аминахан Абдыллажанова башкарды. Лабораторияда иштөө үчүн жалаң жаш кыздардан 10 киши ишке кабыл алынды. Алар 1980-жылы 360 гектар аянттагы пахтанын зыянкечтерине каршы күрөшүштү. Соңку жылдарда ар жылы 850-1000 гектар аянтта ар түрдүү шире, көсек курту сыяктуу зыянкечтерге каршы күреш жүргүзүштү. Ар жылы ошол чоң майдандарда жылына үч жолу зыянкечтерге каршы биологиялык жол менен күрөш жүргүзүп турушту. Ошентип пахтанын зыянкечтери биротоло кырып жок кылынды.

Лабораториянын кыздары Аминахандын жетекчилиги менен трихограмма, габрабракон сыяктуу көпөлөктөрдү өстүрүп-өрчү-

түштү, көпөлектөрдү банкаларда, атайын туюк айнек түтүктөрдө багып өстүрүштү, алардан алынган майда жумурткалардан миллиондогон кепелөктерду пахта аянттарына алып барышып, ар он беш метргө бирден банкадагы көпөлөктөрүн учурушту. Габрабракон көпөлөктөрү гозолордогу көсек курттарын чагып өлтүрөт.

Пахтанын жана башка эгиндердин зыянкечтерине каршы биологиялык жол менен күрөшүү болсо, бир канча жеңил, арзан да, пайдалуу да экен. Буга бир мисал, 1981-жылы миң гектар пахта аянтына уу химикаттар колдонулбады, самолёт менен чачылбады. Ошонун натыйжасында буга жумшалуучу 42 миң сом үнемделду. Андан мурдагы жылдарда пахтанын гектарынан 23-24 цөнтнерден ашпаган түшүм алынса, ошол 1981-жылы гектарынан 28,5 центнерден түшүм алынган. Аминахан Абдыллажанова алгач Масы айыл өкмөтүнүн төрагасынын орун басары, райком партияда бир аз, кийин райондук агродепартаментте, андан соң райондук социалдык камсыздоо бөлүмүндө иштеп жүрүп пенсияга чыгып эс алууда.

Аминахан Абдыллажановна Айыл чарба институтун бүтүрүп агроном, сырттан окуп жогорку билимдүү экономист, акырында врач болуп оорулууларды айыктырып жүрөт. Үйүндө бала-чака, неберелерди да багат, аларды тарбиялайт. Күйөесүнүн көсиби куруучу.

Эгерде андан ары ири айыл чарба кооперативдөрин уюштуруп, райондо Масы айыл екмөтүндөгү бир чарбага биолаборатория - айыл чарба өсүмдүктөрүн зыянкечтерден коргоо боюнча уюмду уюштуруп койсо жакшы болор эле. Антпегенде келечекте биолабораториялык ыкма унутта калат.

Кийин чегирткелер көбөйгөн сыяктуу зыянкеч курттар менен шире кебөйүп кетсе эмне кылабыз?

## БИР ЙИЛДА ИККИ МАРТА ҲОСИЛ ОЛСА БЎЛАДИ

Аҳолиси бир ярим миллиард атрофида бўлган Хитой ва Ҳиндистонда бир майдондан йилига икки марта шоли ҳосили олинаётгани кўпчиликка маълум. Вьетнамда ҳам шундай, бу мамла-

катнинг адир-қирларида ҳам шолидан икки марта ҳосил олинади. Олдинлари, шўролар даврида бир майдондан икки марта ҳосил олиш ҳақида кўп гапириларди, буни амалда исботлаган илғор деҳқонлар кўп бўлган. Мен ўзим узоқ йиллар ишлаган «Москва» колхозида ўтган асрнинг олтмишинчи йилларида буғдой ва эртаки картошкадан бўшаган ерга маккажўхори экилиб, гектаридан 450 центнерга етиб яшил масса олинганини эсдан чиқарганим йўқ. Бу чиндан ҳам зўр иш эди, бир ернинг ўзидан бир йилнинг ичида ҳам буғдой ёки картошка, ҳам маккажўхори пояси олиш ҳозирги кунларимиз учун мўъжизадек туюлиши мумкин. Республикамиз мустақилликка эришганидан кейин бир майдондан икки марта ҳосил олиш у ёқда турсин, ҳатто бир марта рисоладагидай ҳосил ундириш ҳам муаммога айланиб қолди. Лекин ўша шўролар даврида такрорий ҳосил олишда қатнашганларнинг ташаббуси билан бу усулни амалда синаб кўришга ҳаракат қилганлар бўлди. 1995 йили Новкент тумани Бурганди қишлоқ ҳукуматининг Нўшкент участкасидаги Қурбон Раҳмонов бригадасида ғаройиб тажриба ўтказилди. Туманнинг ўша пайтдаги ҳокими Т. Калматов ва колхоз бош агрономи Алимбек Эгембердиев 22 июнда қўшни туманлар, ҳатто Ўзбекистоннинг яқин хўжаликларидан меҳмонларни таклиф қилиб, 4 та комбайнни ишга солиб, 22 гектар майдондаги кузги буғдойни уларнинг кўзи ўнгида ўрдиришди ва пайкалга дарҳол 7 та ҳайдов тракторини кирдирдилар. Ғалла ҳосилдорлиги гектаридан 42 центнерни ташкил қилди. Шу куни кечки пайтгача ер шудгорланиб ва молаланиб, бўшаган ернинг ҳаммасига «Қирғиз-3» навли чигит экилди ва сув таралди. Орадан уч-тўрт кун ўтгач, кечагина буғдой ўсиб турган майдонда чигит униб чиқиб, ҳашпаш дегунча ғўза ниҳоллари авжга кира бошлади. Айримлар бу ерда пахта пишишига ишонишмаган эди. Аммо ғўза яхши ривожланди, унинг кўриниши баъзи бир хўжаликларда олдин экилган пахтага нисбатан яхши эди. Июннинг охирида экилган пахта октябрга бориб очила бошлади. Унинг ҳар гектаридан 25 центнердан хирмон кўтарилди. Бу ердан яна пахта териб олиш мумкин эди, аммо қўлкучи камлигидан одамларга гўшт-сут ҳам керак деб, шиғил кўсаклаган пахта ичига мол-қўйлар киритиб юборилди. Ҳозир шу

тажриба ўтказилган жойнинг ўзида 20-30 та деҳқон хўжаликлари бор. Лекин ҳаммаси тўпланиб ҳам бир колхознинг ярмичалик ҳосил ололмаяпти. Новкентда ернинг тилини яхши билган миришкорлар ҳозир ҳам кўп. Шулардан бири бир қанча йил давомида Карл Маркс номли колхозда бош агроном бўлиб ишлаган, ҳозирда туман агродепартаменти агрономи лавозимини эгаллаб турган Алимбек Эгембердиевдир. Унинг номини тилга олишдан мақсад, зора шу каби тажрибали мутахассислар деҳқонларимизни бир майдондан икки марта ҳосил олишга илҳомлантириб, қишлоқ хўжалик маҳсулотлари етиштиришни кўпайтириш ва дастурхонимиз тўкинлигини таъминлашга ҳисса қўшишса.

## «ОҚ ОЛТИН» ТАРИХИДАН



Инсонларнинг толали ўсимликлардан фойдаланиши қадимги дунё тарихига бориб тақалади. Дастлабки ип йигирувчи, тўқувчи станоклар эрамиздан 2500 йил илгари Мисрда пайдо бўлган. Ўша пайтларда ип йигириладиган ва тўқиладиган тола маҳсулотлари жун, ипак пилласи, зиғир, каноп поялари бўлган.

Пахта ҳам энг қадимий йигирилувчи толалардан бири ҳисобланади. Бироқ инсоният қайси вақтдан бери пахтадан фойдаланиши тўғрисида шу кунгача тўлиқ маълумотлар йўқ. Эрамиздан 3000 йил аввал Моенджо Даро даврида Ҳиндистондаги Ҳинд дарёси водийсида ижтимоий ривожланиш маданияти тарихидан маълумки, пахтадан ҳиндистонликлар биринчи бўлиб фойдаланган. Бунга кўп топилмалар, адабиётлар ва изланишлардан олинган тарихий далиллар бор. Масалан, 445 йил илгариги Геродот ҳақида ёзилган адабиётларда Александр Македонский (эрамизгача 334-323 йилларда) Ҳиндистоннинг Синд водийсини босиб олганлиги тўғрисида маълумотларда пахта ҳақида сўз боради.

Хуллас, пахтачилик Ҳиндистон, Миср, араб мамлакатлари, Хитой, кейинчалик Индонезия, Бирма ва Мараказий Осиёда ривожланганлигини тарих тасдиқлайди.

Ҳозирги пайтда пахта ўсимлиги Америка қитъасидаги 15 дан ортиқ, Европадаги 6, Осиё ва Австралиядаги 15, Африкадаги 21 давлатда экилади.

Пахта саноат ва озиқ-овқат маҳсулотларини етиштиришда энг қимматбаҳо ўсимлик ҳисобланади. «Ери бойнинг эли бой» деганларидек, пахтаси кўп кооператив ва деҳқон хўжаликларининг, ҳиссадорлик жамиятларининг пули кўп, эли бой, турмуш даражаси ҳам юқори бўлади.

1981 йили Тошкентда чоп этилган «Справочник по хлопководству» китобида 1 тонна пахтадан Россия ва Хитой завод-фабрикаларида нималар олиниши баён этилган. 1 тонна пахтадан 320-340 килограмм пахта толаси, ундан 3500 квадрат метр газлама, 580 килограмм чигитдан 112 килограмм оқ ёғ, 10 килограмм совун, 270 килограмм кунжара, 170 килограмм чигит қобиғи (шелуха) ва 8 килограмм тивит (линт) олинади.

## *Пахтамиз – бойлигимиз*

Теран фикр юритиб кўрсак, кийган кийимимиз, қозонга қуядиган ёғимиз, мол-қўйларимизнинг еми ҳам, уст-бошимизни ювадиган совун ҳам пахтадан олинади. Бундан ташқари, пахтадан бошқа кўплаб маҳсулотлар олиниши барчага маълум. Унинг пастки навларидан қоғоз ҳам ишлаб чиқарилади. Ғўзапояси молга ем, тандир-ўчоққа ўтин бўлади.

Пахта ўсимлигининг барги ўрмон ва боғдаги дарахтлар сингари ҳаводаги карбонат ангдидрид гази ва чангларни ютиб, инсон учун зарур бўлган кислород ажратиб чиқаради. Пахта плантациялари иқлимни яхшилайди.

Тут дарахти пахта учун жуда ҳам фойдали, ғўзаларни гармсел шамолидан, иссиқ ва совуқдан сақлайди. Пахта кўп экиладиган Ўзбекистонда пахта майдонлари атрофидаги тутларни ихота (тўсиқ) деб билишади. Ўзбекистонлик пахтакорлар собиқ Иттифоқ

даврида давлатга йилига 6-7 миллион тонна пахта топширганини яхши биламиз. Қирғизистон Халқ Қаҳрамони Т. Усубалиев республика Компартияси Марказий Комитетининг биринчи котиби бўлиб ишлаган йилларда пахта ҳосилини мамлакатимиз деҳқонлари йилига 224-239 минг тоннага етказишган. Сабаби ўша йиллари тут дарахтлари кўп бўлиб, пахта билан бир қаторда пиллачилик тармоғи ҳам ниҳоятда ривожланган эди.

Атрофи қалин тут дарахтлари билан ўралган майдонларга пахта эккан соқолдилик Калдар Мамасалиев, Матай Абдираимов, Камал Султанов, мўмбековлик Абдиллажан Қазақов, новкентлик Саадат Ногоева ва бошқа Социалистик Меҳнат Қаҳрамонлари гектаридан 53,5-78,5 центнердан ҳосил олишган. Улардан Матай Абдираимов 1947 йили гектаридан 97,3 центнер ҳосил олиб, Социалистик Меҳнат Қаҳрамони бўлган, қолганлари сўнгги 60-70-йилларда қаҳрамон бўлишган. Шундай қилиб, Новкент «Қаҳрамонлар ватани» деб номланган.

Ҳозир бу қаҳрамонларнинг барчаси марҳум, уларга туман марказидаги истироҳат боғида ҳайкал ўрнатилган. Тумандан чиққан 14 Социалистик Меҳнат Қаҳрамонларининг 8 таси звено бошлиғи, бригадир, биттаси механизатор, 4 таси колхоз раиси, Шамши Суерқулов врач, Петр Слюсаренко қурувчи бўлган. Мен уларнинг барчаси билан кўришиб, суҳбатлашганман, журналист сифатида газеталарга ёзганман.

Сезишимча, йилдан-йилга тут дарахтлари кесилиб, йўқ қилингани сари пахта ҳосили ночорлашиб боряпти. Ўшдаги грена заводи, дунёга донғи кетган ипак комбинати ҳам ишламай қолди. Минглаган кишилар ишсиз қолишди. Кўпчилиги иш излаб Россия ва Қозоғистонга кетиб қолишди.

## *Ўз вақтида Хрушчев ҳам, Брежнев ҳам тўғри айтишган*

Мамлакатимиз ҳаётидаги муҳим воқеа - парламент сайловлари яхши ўтса, депутатликка муносиб номзодлар сайланса, ҳозирги танқислик, қимматчиликдан тезроқ чиқиб кетишга пахта ўсимлиги

ҳам туртки бўлиши айтамасак ҳам сезилиб турибди. Келажакда пахтачилик ва у билан бирга пиллачиликни ҳам ривожлантирсак, жуда яхши бўларди. Бир вақтлар пахтанинг бир килограмми 1 сўм атрофида бўлганда, пилланинг баҳоси 6-9 сўм бўлган. Мана ҳозир 1 килограмм пахта 30-35 сўм бўлди, пилламиз ҳам бўлганда эди. .

Н.С. Хрушчев Бутуниттифоқ пахтакорлар қурултойида шундай деган эди: «100 гектарга пахта экиб, гектаридан 25 центнердан ҳосил олгандан кўра, 50 гектар ерга пахта экиб, гектаридан 50 центнердан ҳосил олинглар. Шунда 50 гектар ер тежалади, у ерга маккажўхори экинглар!»

Л.И. Брежнев ҳам «Оқ олтин»ни олтин қўллар яратади», деб айтган эди. Мен 87 ёшли кекса журналист ва ҳақиқий деҳқон фарзанди сифатида шуни айтишим мумкинки, 100 гектар еримиз бўлса, унинг 50 гектарига сифатли кузги буғдой уруғи қадашимиз, қолган 50 гектарига баҳорда пахта экишимиз керак. Кузги буғдойни июнь ойининг 18-20-кунлари тезроқ йиғиб олиб, 20-21-кунлари бўлса ҳам ўрнига пахта эксак, ёзда тез ўсиб, гуллаб, шоналаб, кузда очила бошлайди. Гектаридан 25-30 центнер ҳосил олинса, йилига 2 марта ҳосил олган бўламиз. Хитой ва Ҳиндистонда ҳам шолидан 3 марта ҳосил олинади-ку!

Агар иссиқхона ишини яхши билсангиз, йил бўйи сабзавот ўстиринг. Шунда биз АҚШ, Хитой, Япония сингари бой давлатлардан ҳам ўзиб кетсак бўлади.

Бизда асосий бойлик - тоғларимиз кўп. Тоғлар ўрмонсиз бўлмасин, ўрмонларни тартибга келтирайлик. Шунда дарё ва сойлар, кўллар, булоқларнинг барчасида сув тўла оқади. Ўрмон бу ичимлик ва экинлар учун сув деганидир. Илгари Олатоғ ва Помир тоғларида ўрмонлар қалин бўлиб, Норин, Вахш дарёларигина Орол денгизини ошириб-тошириб турганини унутмайлик.

## ТАТЫКТУУ ЖЕТЕКЧИ



Осмонов Абдрахман Кубатович 1967-жылы 30-май күнү Ноокен районунун Сакалды айылында туулган. Улуту кыргыз, билими жогорку. 1990-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин бухгалтердик эсеп факультетин ийгиликтүү бүтүргөн, кесиби боюнча бухгалтер-экономист.

Абдрахман Осмонов 1990-жылы Ноокен районунун «Ленинград» колхозунда айыл чарба бухгалтери болуп иштей баштаган. 1991-1994-жылдары «Кыргызстан» айыл чарба кооперативинин жетекчиси болуп иштеген.

2001-жылдан баштап 2012-жылдын 8-февралына чейин Сакалды айыл округунун башчысы болуп иштеген.

2012-жылдын 8-февралынан ушул күнгө чейин райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-акими болуп жемиштүү иштеп келе жатат.

Абдрахман Осмоновдун жетекчилиги астында Ноокен районунун социалдык-экономикалык өнүгүүсү жогорулоодо. Мисал үчүн алсак, өткөн 2012-жыл ичинде райондун ички дүң продукциясы 11 миллиард 596 миллион 434 миң сомду түзүп, план-прогнозу 132,1 пайызга аткарылып, 2011-жылга салыштырмалуу өсүү темпи 134,1 пайызды түздү, же болбосо 2 миллиард 815 миллион 631 миң сомго ашыгы менен аткарылды.

Өнөр жай тармагы боюнча 1 миллиард 852 миллион 799 миң сомдук продукция өндүрүлүп, экономикалык прогноз 121,4 пайызга аткарылып, өткөн жылга салыштырмалуу өсүү темпи 122,8 пайызды түздү.

Чекене соода жүргүзүү тармагында район боюнча 3 миллиард 20 миллион сомдук товар жүгүртүлүп, өткөн жылга салыштырмалуу өсүү темпи 129,9 пайызды түздү.

Район негизинен айыл чарба району болуп эсептелгендиктен 2012-жылдын жыйынтыгы менен айыл чарба тармагында 4 миллиард 490 миллион сомдук продукция өндүрүлүп, жылдык план 2011-жылга салыштырмалуу 110,8 пайызга аткарылды.

Абдрахман Осмонов өзүнө жана өзгөгө талапты катуу койгон, уюштуруучулук жөндөмү күчтүү, мамлекеттик ишти аткарууда жана эл менен иштөөдө мыйзам чегинде иштеген, элдин талабын так жана өз убагында аткарган принципиалдуу, кичи пейил инсан. Райондун активинин жана жалпы элдин арасында чоң кадыр-баркка ээ.

Абдрахман Кубатович Осмонов райондук мамлекеттик администрациясында иштеген мезгилден бери Ноокен районунун социалдык-экономикалык өнүгүүсү үчүн дайыма өзүнүн опол тоодой чоң салымын кошуп, эмгектеги жетишкен ийгиликтери үчүн көптөгөн Ардак грамоталар менен сыйланган.

Райондо дан эгиндеринен, жүгөрүдөн жана башка эгиндерден мол түшүм алынып, мал чарбачылыгы да жогорулоо жолунда.

Ишти учурдун талабына жараша уюштуруп, районду республиканын алдыңкы райондоруна теңөө үчүн аким А. К. Осмонов бардык күчүн үрөп, күнү-түн талыкпастан иштөөдө. Райондун айыл чарбачылыгынын негизги тармактары пахтачылык, дан өндүрүү, мал чарбачылыгы, жашылча, жүгөрү, беде жана бакчачылык болуп саналат.

Айыл чарбачылыгында техника чечүүчү зор күч. Азыр район боюнча 671 ар түрдүү маркадагы тракторлор, аларга тиркелүүчү 144 соко, 933 шык малалар, 113 культиватор, 57 сепкич ж.б. шаймандар бар. Бул техникалардын бардыгы тең жазгы талаа жумуштарына карата негизинен ремонттолуп, даярдык сабына коюлган.

Үстүбүздөгү жылы райондо Арал, Сакалды, Шайдан жана Момбеков айыл округдарында автосервистер курулуп жатат. Азыр аларга бардык техникалар бөлүнүп берилип жатат.

Ноокен району боюнча үстүбүздөгү жылы 8200 гектар аянт-

ка пахтанын мол түшүм берүүчү "Кыргыз-3", "Кыргыз-5", "Андижан-354", "Наманган" сортторундагы чигиттери эгилип, ар жылдардагыдан да мол түшүм алуу иши пландаштырылууда. 3700 гектар жерге эгилген күздүк буудайлар жакшы өнүп чыккан. Азыр 2300 гектар жерге жүгөрү, 200 гектарга жашылча, 700 гектарга бакча жана 1442 гектар жерге беде эгилүүдө.

Азыр райондун бардык айыл округдарында жана Кочкор-Ата шаарында жазгы талаа жумуштары кызуу башталды, сугат тармактары тартипке келтирилди, чаап тазаланды.

Райондун акими А.К. Осмоновко, аны менен бирге мактоого татыктуу иштешип жаткан райондук агродепартаменттин башчысы Т. Эшиевке, башкы агроном А. Эгембердиевке мыкты ден соолукта болушун каалап, иштеринде ийгиликтердин жарала беришине тилектешпиз.

## ТОКТОГУЛОВДОРДУН ДИНАСТИЯСЫ

### *Макамбай Токтогулов*

Союз мезгилинде Коммунисттик партия мыкты жаш кадрларды



тандоого, аларды эл чарбасынын чечүүчү участкаларына жиберүүгө көңүл борборун бурушчу эле.

Макамбай Токтогулов 1923-жылы Масы айылына кошуна Апыртан кыштагында кедей дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Апыртандагы башталгыч мектебин бүтүп, Масыдагы орто мектепте окуган. Ал 15 жашынан баштап, мектепте окуп жүргөн кезинен эле айылындагы «Апыртан» колхозунда колхозчу болуп эпкиндүү эмгектене баштаган.

Ал эми 18 жаш курагына жеткенде Улуу Ата Мекендик согуш башталды. Макамбай Ленин райондук аскер комиссариаты та-

рабынан аскерге чакырылып, мекенди коргоого жөнөдү. Ал Улуу Ата Мекендик согушка катышты. Согуш жеңиш менен аяктагандан кийин демобилизацияланып, өзү туулуп-өскөн Апыртан айылына келип иштей баштады. «Апыртан» колхозунун мүчөлөрү Макамбай Токтогуловду колхоз башкармасынын төрагалыгына шайлап алышты. Ал колхозду адилеттүүлүк менен башкарып, туура өнүгүү жолуна багыттады.

Райондук партия комитети Макамбай Токтогуловду иштен-ишке которуп турду. Кайсыл колхоз артта калса, аны ошол колхозго төрагалыкка жиберди. Ошентип согуштан кийинки жылдарда ал Шайдан айылындагы Ленин атындагы, соң «Бирлик» колхозуна төрагалык кызматына жиберилди. Ал барган жеринде колхоздордо эмгек тартиби жолго коюлуп, иштер оңолуп, мамлекетке пахта, мал чарба азык-түлүктөрүн тапшыруу пландары ашыгы менен аткарылып турду.

Райондо майда бытыранды колхоздорду жоюу, ирилештирүү иштери башталып, «Бирлик» колхозу Шайдан айылындагы Ленин атындагы колхозго кошулду. Масы айылындагы «Апыртан», «Кызыл туу», «Кызыл Октябрь» колхоздору жана «Большевик» колхозу бириктирилип, 1960-жылы ирилештирилген «Москва» колхозу түзүлдү, же Масы айыл округу боюнча бир эле колхоз болду.

Райондук партия комитети кадр тандап, бул ирилештирилген «Москва» колхозунун партиялык комитетинин секретарлыгына коммунист Макамбай Токтогуловду сунуштады. Партиялык чогулушта колхоздун коммунисттери бир добуштан аны парткомдун секретарлыгына шайлап алышты.

Макамбай Токтогулов 1961-жылдан баштап 1970-жылдын октябрь айынын биринчи жарымына чейин бул жооптуу, ардактуу милдетти абийирдүүлүк менен аткарды. Колхоздо коммунисттердин санын алдыңкы стахановчу жаштардын эсебинен 120 га жеткирди. Өзүнүн күчүн, билимин колхоздун өндүрүштүк, айыл чарбасынын бардык тармактарын кескин түрдө өнүктүрүүгө, элдин жашоо турмушун жакшыртууга жумшады.

Макамбай Токтогулов ирилештирилген колхоздо удаасы менен 10 жыл парткомдун секретары болуп иштеген болсо, ушул

мезгилдин ичинде Ленин райкомунун бюро мүчөлүгүнө, эмгекчилер депутаттарынын Масы айылдык, Ленин райондук жана Ош областтык Советтеринин депутаттыгына бир нече жолу шайланган. Ар дайым элдик наказдарды ак ниеттүүлүк менен аткырылып турган.

Ал бир топ сыйлыктардын, «1941-1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согушта Германияны жеңгендиги үчүн» жана башка күжүрмөн медалдар менен сыйланган. Ошондой эле Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак Грамотасын, «Эмгектеги каармандыгы үчүн» медалын алууга жетишкен.

Макамбай Токтогулов айыл эмгекчилеринин арасында чоң кадыр-баркка, урмат-сыйга ээ болгон. Ал 1970-жылы 6-октябрь күнү дүйнөдөн өткен.

Бул ак ниеттүү күжүрмен жолдош, агабыз - коммунист жөнүндөгү жаркыраган эстелик биздин жүрөгүбүздө дайыма сакталат.

## *Абдыманап Токтогулов*



Абдыманап Макамбаевич Токтогулов 1948-жылы Ноокен районундагы Апыртан айылында туулган. Азыркы күндө ал райондук аксакалдар кеңешинин төрагасы болуп иштейт.

А. Токтогуловдун басып өткөн жолун, аткарган ат көтөргүс иштерин айтып жаза берсең өзүнчө эле бир чоң дастан болот. Ошондуктан анын аткарган иштеринен азын-оолак баяндап өтөлү.

Абдыманап Токтогулов айылдагы орто мектепти бүтүргөндөн кийин Кыргыз ССРинин борбору Фрунзе шаарына барып, Скрябин атындагы айыл чарба институтуна окууга кирип, бул окуу жайын 1969-жылы ийгиликтүү аяктады жана ветеринардык врач деген адистикке ээ болду.

Ал 1969-жылы «Москва» колхозунда ветврач болуп иштеген. Ошол эле жылы райондук аскер комиссариаты тарабынан

аскерге чакырылып, армиядан 1971-жылы бошоп келди жана 1980-жылга чейин «Москва» колхозунда ветврач, башкы ветврач, кийин башкы зоотехник болуп иштеген.

Ал дайыма малчы, саанчы, жылкычы, койчумандардын арасында болуп, талаптагыдай күнү-түнү иштеген убактылары да болгон. Дайыма малчыларга мал багуунун, арбын эт, сүт, жүн, төл алуунун тажрыйбаларын үйрөткен. Ошол кездеги республиканын алдыңкы малчыларынын иш тажрыйбаларын газета-журналдардан малчы, саанчы, чабандарга окуп берип, кеңири жайылттырчу эле. Өзүнүн ветврачтык, зоотехниктик милдеттерин ар дайым так аткаруучу эле.

Коомдук малдын башын төл эсебинен көбөйтүүгө, асырап багууга, алардан алынуучу азык-түлүктөрдү көбөйтүүгө, өндүрүлгөн азык-түлүктөрдүн сапатын жогорулатууга, малдарды чыгашасыз багууга дайыма көңүл бурчу эле.

Өз милдеттерин туура аткаргандыктан улам колхоздун малынын башы төл эсебинен көбөйтүлүп, малдар жакшы багылгандыктан чыгаша аз, киреше көп болуп турчу. Ошонун натыйжасында мурда ар уйдан орто эсеп менен жылына 1250-1300 килограммдан сүт саап алынып жаткан болсо, Абдыманап Токтогулов иштеген жылдарда сүт саап алуу тез өсүп барып, 1900-2000 килограммданга жеткирилген. Ал эми колхоздун алдыңкы саанчылары Меңдибаева Калбу, Арстанбаева Жамалкан, Сатарова Азимкан жана Анарбаева Анаштар өзүлөрүнө бекитилип берилген 18-20 баш саан уйлардын ар биринен 3200 килограммга жеткире сүт саап алышкан. Сүт-товар фермасы боюнча 650 баш саан уй бар эле. Бул фермага Арзиев Исраил башчылык кылуучу.

Мында кой чарбасын енүктүрүүгө да көңүл бурулуп, колхоздун эң алдыңкы чабаны Кадыбаев Асанбек 420 баш тубар койдун ар жүзүнөн жыл сайын 113-128 баштан, кийинчерээк ар жүз баш тубар койдон 156 баштан козу алууга жетишкен. Ошондой эле ийгиликтерди Сариев Тайыр, Курбаналиев Адылбек, Мырзакматов Орозбек да камсыз кылышкан. Кой-товар фермасынын башчысы Курбанов Буркан да жакшы иштеген.

Мал, койлорго тоют камдоого, асыл тоюттар менен камсыз кы-

луугa көп көңүл бурулган эле. Кесек тоюттар малдарга ИКГ, ДКУ машиналары менен тартылып, майдаланып, казанда бууланып берилчү эле. Мамлекетке эт, сүт, жүн тапшыруу пландары жыл сайын ашыра аткарылуучу.

Абдыманап Токтогулов 1980-жылдын сентябрь айынан баштап 1983-жылдын май айына чейин Ноокен районунун «Коминтерн» колхозунда партиялык комитеттин секретары, 1983-1991 жылдарда Калинин атындагы колхоздун башкармасынын төрагасы болуп иштеп жүргөндө пахтадан жыл сайын мол түшүм алынып, бардык тармактар боюнча жылдык пландар ашыра аткарылып турган. Ондогон колхозчуларга бышык кыш менен турак жайлар курулуп берилген. Көп үйлөргө газ түшүрүлгөн, мектеп, колхоздун кеңсеси, маданият үйү, малкана, кой короолору бүткөрүлгөн.

Колхоз жыл сайын 15-17 миллион сомдон киреше алып, колхозчулар маданияттуу жашашкан. Кезинде Ош обкомунун биринчи секретары Султан Ибраимов да Абдыманап Токтогуловду мыкты иштерман деп мактоочу эле.

Абдыманап Макамбаевич 1991-1993-жылдары «Апыртан» колхозунун башкармасынын төрагасы, 1996-жылга чейин Ноокен райондук айыл чарба башкармасынын башчысы, 1997-жылга чейин Сузак районунун айыл чарба департаментинин директору болуп иштеп, 1997-жылы май айынан баштап пенсияга чыкканга чейин Ноокен районунун акиминин биринчи орун басары болуп иштеген.

Пенсияга чыккандан кийин Абдыманап Макамбаевич Токтогулов Ноокен райондук аксакалдар кеңешинин төрагасы болуп иштеп келе жатат.

## *Абдилазиз Токтогулов*

Токтогулов Абдилазиз 1958-жылы Ноокен районунун Богот айылында колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган. Жоомарт Бөкөнбаев атындагы №1 орто мектепти ийгиликтүү аяктап, Кыргыз мамлекеттик улуттук университетинин экономика факультетин бухгалтер-экономист адистиги боюнча бүтүрүп чыккан. Ал университетти бүтүрүп келгенден кийин, 1981-1984-жылдары «Моск-

ва» колхозунун комсомолдук уюмунун секретары, райондук айыл чарба башкармасында ага экономист болуп иштеген. 1984-жылдан 1995-жылга чейин «Москва» колхозунда башкы экономист, профсоюздук комитеттин төрагасы болуп иштеп, райондогу ири колхоздун экономикасын чыңдоого, жаштарды партиялык духта тарбиялоого татыктуу салымын кошкон жана колхозчулардын арасында зор кадыр-баркка ээ болгон.

Абдилазиз Токтогулов «Апыртан» акционердик коомунун, «Апыртан» үрөнчүлүк коооперативинин башчысы болуп иштеп турганда өзүнүн уюштуруучулук жөндөмү жана талантын көрсөткөн. Ал 1994-жылдан 1999-жылга чейин аталган чарбанын экономикасын енүктүргөн. Колхозчулардын турмушу оңолуп, иштеген эмгек акыларын өз убагында алып турушкан. 1999-жылдан 2002-жылга чейин өндүрүштүк фирманын директору, соң райондук салык инспекциясынын жетекчиси болуп иштеп жүрүп, өмүрүнүн гүлдөп турган убагында, 46 жаш курагында автожол кырсыгынан бул дүйнө менен кош айтышты.

Райондун активинин, айылдык, шаардык өкмөттөрдүн, мекеме-уюмдардын жетекчилеринин арасында анын авторитети, кадыр-баркы жогору болгон. Ал жакшы жолдош, камкор, иштерман жетекчи, 3 баланын сүйүктүү атасы болгон.

Абдилазиз Макамбаевич Токтогуловдун жаркын элеси аны билген, аны менен бирге иштеген жолдошторунун жүрөгүндө ар дайым сакталат.

## *Жеңишбек Токтогулов*

Токтогулов Жеңишбек Макамбаевич 1962-жылы 9-майда Масы айылында колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган. Айылдагы орто мектепти бүтүрүп, Бишкек (анда Фрунзе) шаарындагы СССРдин 50 жылдыгы атындагы Кыргызстан мамлекеттик университетине 1978-жылы кирип, 1984-жылы август айында бүтүрүп чыгып, 1984-жылдын сентябрь айынан баштап Ноокен (анда Ленин) райондук финансы бөлүмүндө башкы ревизор-инспектор болуп иштеген.



1992-жылдын февраль айынан баштап 2009-жылга чейинки мезгилдин ичинде Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздук кызматынын ар кандай кызмат орундарында кыраакылык менен иштеп келген.

2009-жылдан баштап ата-агаларынын жолун жолдоп, өзү тулуп-өскөн Масы айыл округунун башчысы болуп, айылды өнүктүрүү багытында талыкпастан эмгектенип келе жатат.

Жеңишбек Макамбаевичтин ишкердүүлүк жөндөмү канча мактасаң да арзыйт. Ал чыныгы уюштургуч, тажрыйбалуу, акыл-эстүү, билимдүү жетекчи десем жаңылышпаймын. Ал эл менен тил табыша ала турган жогорку квалификациядагы адис. Анын токтоо, кичи пейил, жумушта жөнөкөй, дени сак мүнөзүн калайык калкыбыз жактырышат. Эл менен иштөөдө калайык калкты башкарып, жаштардын арасында тарбиялык иштерди талаптагыдай алып барууда. Айыл чарба жумуштарын уюштурууда өзүнүн жетерлик тажрыйбасы бар экендигин көрсөтө алды. Пахта, дан өндүрүү пландарын жыл сайын аткарып келе жатат.

Анан дагы Жеңишбек Макамбаевич бош калган убактарында, дем алышта жүргөндө балык уулоого, мергенчиликке чыгат, көркөм адабияттарды көп окуйт. Спорттон күрөш менен машыгууну жана автотехниканы терең билүүгө кызыгат.



Куралдашы Якубжан Кахаров менен. 1945-жыл.



С. Садыков журналисттер Кадыржан Сабиров жана Өскөнбай Маткасымов менен. 1964-жыл.

Масы айылындагы согуш ардагерлери жыл сайын Улуу Ата Мекендик согуштун каармандарына тургузулган ушул обелисктин жанында топтолушат.







**Тимирязев атындагы айыл чарба академиясынын окутуучусу, айыл чарба илимдеринин кандидаты И. Гаджиев жана «Москва» колхозунун бригадири Х. Ураева менен. Москвадагы Карл Маркс аянтында**

**С. Садыков аялы Өктөмкан эже менен уйгур тилиндеги "Коммунизм туги" гезитинин редакциясында, Алма-Ата шаары, 1987-жыл.**





Илгери-илгери бир замандарда азыркы Түркмөнстандагы Каракум жана Өзбекстандагы Кызылкумдар Тетис океанынын түбү болгон. Ал замандарда Кыргызстан менен Тажикстандын Ала-Тоо менен Памир тоолорунан куралган Нарын, Сыр-Дарья, Чүй, Памирден куралган башы Кыргызстандын түштүгүндөгү Кызыл-Суу, этеги Тажикстандын Сурхоб (Кызылсуу), Вахш (Жырткыч), дагы уландысы Түркмөнстандын аймагындагы Жейхун, Өзбекстандын аймагындагы Аму дарыяларынын суулары кышын-жазын үзүлбөй агып, ошол Тетис океаны куралган. Замандар өтүп арадан, жылдан-жылга токойлор өрттөлүп, кесилип, кыйылып барып сейректешкен сайын Тетис океаны соолуп барып, терең жери ушул Арал деңизи калган.



Бардык Борбордук Азиянын төрт республикаларында да, Казакстанда да жана ошол Арал деңизинин жээгинде жайгашкан Каракалпакстанда да тоолорго абдан көп сандагы токой дарактарын олтургузуу керек. Азыр бардык тоолорубузда токойлор кыйылып, кесилип жагылып, кээ бир жерлерде 5, кээ бир жерде 15 пайызга жетпегени гана калды.

Же тагыраак айтканда, Кыргызстанда тоолордун, адырлардын 4 пайызында гана токойлор бар, тоолор томсоруп турат. Мына алалы, Японияда мындан 20 жыл илгери тоолорунун 60 пайызын-

да токойлор болсо, азыр 70 пайызы токойлор менен капталган. Ошондой эле республикабыздын райондорунда, айылдарында көп елчөмдөгү мөмөлүү бак-дарактар да кыйылып жок болду. Түштүк жактагы тыт дарактары биротоло кыркылып, жагылып бүткөн сыяктуу, бүтүн бир пиллачылык тармагыбыз жоюлуп кетти. Анан Арстанбап жактагы токойлор, айрыкча жаңгак токойлору кыйылып, жаңгак уюлу сатылып, суюлгандыгынан азыр Базар-Коргон сайы куруду. Ноокендик пахтачыларга сугат суу жетпей, көп дыйкан пахтакерлерибиз пахтадан кол жууду.

Кыргызстандык туугандар! Сиздөр токой тууралуу төмендегүлөрдү терең билип алгылачы, деп суранамын.

Токой – жердин кийими, тоолордун керкү, түбүндө жааган жаан, карлар ным сактап, сай, дарыялардын сууларын кышын-жазын бир калыпта бөксөртпей агызып турат.

Токой-айлана-чөйрөнү, абаны тазалайт, адамдардын дем алуусу үчүн өзүнөн пайдалуу кычкылтектерди чыгарат. Жер кыртышынын асылдуулугун арттырат, эррозиядан сактайт.

Токой – элге дары-дармек өсүмдүктөрүн берет, ден соолукту коргойт, кайсыл жерде токой калың болсо, ал жерде жашоо турмушу абдан жакшы болот.

Токой – эл чарбалыгына зарыл болгон жыгач курулуш материалдарын, мөме-жемиш, жаңгак, мисте, алма, алмурут, карагат, бал жана дары-дармек чөптөрүн, мебель, картон, кагаз (азыр бизде мебелдер, кагаздар абдан кымбат турат) жана башка керектүү материалдарды берет.

Ошондой эле, токойлор ар түрдүү жапайы айбанаттардын, канаттуулардын мекени. Азыр бугу, котос, элик, кийик сыяктуулар Кызыл китепке жазылып калды. Илегилек, кыргоол, талаа тоок, өрдек, каздар азайды. Азыркы балдарыбыз булбулдун, сүтактын, торгойдун өзүн көрмек турсун, үнүн да угушпай калды.

Токой – адамдардын, айрыкча туристтердин сүйгөн жайы. Токойлуу жерлерге дем алуу үйлөрү, курорттор, санаторийлер курулат, эң негизгиси токойлор ичимдик, сугат сууларын көбөйтөт. Эгерде суу жетерлик болсо, Кыргызстанда дан эгиндеринен жылына эки-үч түшүм алынып, эл байып, жетишпестик, таңкыс-

тык, кедейчилик жоюлуп, жаштарыбыз иш издеп башка жактарга кетпей, өз жеринде иштеп, Кыргызстан дүйнөдөгү эң бай, маданияттуу мамлекетке айланышы шексиз. Жаратылышта токой, суу бири-биринен ажырагыс. Тең салмактуулукту сактап турушат. Ошондуктан да мына быйыл Кыргызстандын бардык аймагында жашылдандыруу ишин уюшкандыкта жүргүзүп, ар бир айылда, райондордо, облустарда, шаарларда миллиондогон, миллиарддаган мөмөлүү жана декоративдүү токой дарактарын эгели, олтургузалы, көктөтөлү! Бул боюнча бардык жерде айыл өкмөттөрү өзүлөрүнүн иш пландарын, иш чараларын түзүп, анын аткарылышына катуу көзөмөл жүргүзүүлөрү керек.

Анан ойлонгула! Кайда силердин соңку он беш жылдан бери жашылдандыруу боюнча эккен дарактарыңар? Жокко эч жерде? Ар жылы арыктардын бойлоруна, жээктерине тал-теректер отургузулат, бирок аларды эртеси күнү эле ары-бери өткөн малдар, эшектер, кой-эчкилер кажып, тебелеп жок кылат. Ар жылы жашылдандыруу боюнча үч айлык өткөрүлөт. Тал-теректер, дарактар эгилет. Ким канча түп олтургузду эсепке алынбайт, суралбайт, эстен чыгат. Көзөмөлдөнбөйт. Көчөттөр көгөргөндөн баштап эле балдар да, жайылып жүргөн кой, малдар да ары-бери өткөн сайын жол бойлорундагы, арыктардын жээктериндеги отургузулган дарактарды да, тоолордогу токойлорду да тебелеп-тепсеп, сындырып жок кылышат. Суралбайт, кана? деп. Тигилген, эгилген көчөттөрдү көз карегиндей сактайлы, ошондо бай болобуз.

## ЭРТЕҢ ЭМНЕ БОЛОТ?

Өткөн кылымдын экинчи үчүнчү чейректеринде айлана-чөйрө тап-таза болчу, асманыбыз туптунук болуп, абдан сонун көрүнчү. Кайсыл жакта жамгыр жаап өтсө, асмандан «Асан-Үсөн» кызыл-жашыл түстө жаа сыяктуу ийилип чыгып, кепке чейин көрк берип турчу. Эмне үчүн андай эле? Ал кезде республикабыздын бардык тоо-таштарында, адырларында, өрөөндөрүндө булак, көл, сай жана дарыялардын жээктеринде калың токойлор, айылдарда да

бак-дарактар асман тиреп өсүп, адырларда кызгалдактар килем жапкандай, башка да түрдүү тоо гүлдөрү ачылып укмуштуудай керкке бөлөнүп турчу. Бак-дарактардын ичинде, талааларда да булбулдар, торгойлор, деги койчу түрдүү-түркүн куштар таңшып сайрап, айлана-чөйрөбүз жомоктогу бейиштей сопсонун эле ..

### *Эмне үчүн көчкү жүрүп, айылдарды суу каптайт?*

Азыр Кыргызстандын бардык эле тоо, адырларында илгеркидей калың токойлор жок, өрттөлүп, кесилип, жагылып, сатылып сейрек калган. Бизде азыр 3,5 миллион гектардай токойлор бар деп эсептелет. Бирок, ошол токойлордун калыңдыгы, жыштыгы азыркы талапка жооп бербейт. Мөмө-жемиштердин, жаңгактын, мистенин жана башка токой азык-түлүктөрүнүн абдан аз өндүрүлүшү эле мунун ачык-айкын далили. Арстанбаптагы, Сузак районундагы токой чарбаларынын, айрыкча жаңгак уюлдарынын сатылып жатканын айтпайын.

Токойлордун жоголгондугунан улам суу режимин жыл боюнча бир калыпта кармап туруу, сактоо жөнгө салынбай калды. Токойлор калың болгондо кар, мөңгү муздары аста-секин эрип, ал эми алыскы адыр тоолордогу кар, мөңгүлөр майдын этегинде, июнга барып араң эричү. Азыр тоолордун жайдакталып кеткендигинен жааган жамгырлар, карлар күн нуруна тез эле эрип, такырайган адыр тоолордун үстүнөн төмөн карай катуу сел жүрөт, жер көчкүлөрүн пайда кылат, калкка зыян келтирет. Буга ким күнөөлүү? Албетте өзүбүз.



Тоолордун кайсыл бир жеринде чоң-чоң, калың токой даракта-

ры көп болсо ошол жердин түбүнөн булактар чыгып, жылгалардан ылдый карап агууда. Ошол дарак кесилип жок кылынары менен аста-секин булак да куруп калат.

Дагы бир мисал, Ноокен районундагы Алаш, Тоскоол деген жерлерде карыялардын айтымына караганда илгери 1200дөй булак болгон экен. Туура, мен өзүм мындан 70 жыл илгери, 12-13 жашар чагымда ал жактардан көргөн, суу оргуштап чыгып жаткан ондогон булактар азыр жок. Илгери суу көп чыккан булактардан гана аз-аздан тамчылап суу чыгууда.

Ачыгын эле айтыш керек. Азыркы көчкү жүрүп жаткан жерлерде илгери калың токой дарактары болгон. Аны кыйып, кесип кыйраткандан соң жаратылыш өч алып жатпайбы? Ошол бак-дарактарды, токойлорду кескен адамдар анын ордуна кайрадан, анда да көп сандагы дарак көчөттөрүн олтургузуулары керек эле.

### *Канткенде жакырчылыктан чыгууга болот?*

Жакырчылыктан чыгуу үчүн да бизге токойлор, бак-дарактар керек. Кыргызстанда токойлордун, бак-дарактардын аянтын 10 миллион гектарга жеткирсек, жаңгак, мисте, алмурут, жүзүм, өрүк, шабдаалы, гилас, алма жана башка мөмө-чөмөлөрдү көп өндүрсөк, кыйынчылыктан чыгууга бирден-бир негиз болмок. Токойлор, бак-дарактар 3 маанилүү маселени чечет.

Биринчиси, токойлор тоолордо муздуктарды көбөйтөт, жааган кар, жаан сууларын түбүндө узакка сактайт, суунун жыл ичинде бир калыпта агып турушун камсыз кылат. Дарыялардын суулары көбөйүп барып куруп жаткан Арал деңизи, бөксөрүп жаткан Ысык-Көл сууга толот, суу көп болсо Ош, Жалалабат, Чүй өрөөндөрүндө эгин аянттары 2-3 жолу кошумча суу менен камсыз болуп, пахта, кант кызылчасы, буудай, арпа, жүгөрү жана башка эгин аянттарынан 2 эсе арбын түшүм алынат, жерден жылына эки жолу түшүм алуу колго алынат, азык-түлүк проблемасы чечилет, арзанчылык болот.

Экинчиден, токойлор жапайы айбандардын, канаттуулардын мекени болгондуктан, бардык жоголгон айбандарды, канат-

тууларды калыбына келтирет. Ичимдик жана сугат суулары көбөйүп, анда өрдөк-каздар, балыктар өөрчүйт.

Үчүнчүдөн, бак-дарактар, теректер көп тигилсе, курулуш материалдарынын проблемасы чечилет, мебелдер көбөйөт, көп кабаттуу турак үйлөр, коомдук курулуштар көп курулат, токойлордо аарычылык өсөт, козукарындарды кытайлардай эле көп өндүрүү колго алынат.

## *Жаратылыш 80 жыл илгери кандай эле?*

80 жыл илгери облусубуздун бардык аймактарында жипке мончок тизгендей, катар-катар болуп асманда өрдөк-каздар, турналар, илек-илектер жана башка куштар учуп жүрчү эле. Бактарда күнү-түнү булбулдар таңшычу, асманда торгойлор сайрачу. Себеби, анда токойлор калың эле, ар бир айылдарда бактар калың эле, суулар көп эле, дарыялар толуп-ташып агып жатчу.

Карыялар жакшы билишет, мындан 60-70 жыл мурда Масы айылы менен Арал айылынын ортосунда Тентексайдын бир бөлүгү 4-5 жерден бөлүнүп агып жатчу. Анда Чиртек-Сай, Шайдан-Сай, Майлуу-Суу жана Базар-Коргон сайларында суу абдан мол эле, суулар ашып-ташып Кара-Дарыя, Сырдарыяга кошулуп, Арал деңизине жетчү. Азыр бул сайлардын суулары куруду, баягы эки айылдын арасынан агып өткөн Тентексайдын биротоло орду да жоголуп, тегизделип пахта, шалы жашылча эгилүүдө. Сакалды айылынын Батыш жагындагы 40 гектар жерди ээлеп жаткан чакан көл мындан 65 жыл мурда бар эле. Анда өрдөк, каз чымындай уйгу-туйгу учуп жүрчү, балыктары да көп эле. Суу азайган сайын куруп барып жоголду. Жаштар ал көлдү билишпейт, жок болуп тегизделип, ордуна пахта, жүгөрү эгилүүдө. Тоолордо токойлор көп болгондуктан сай, дарыяларда көк кашка тунук ичимдик суулары акчу. Азыр болсо ылайка, аны мал, кой да ичүүдөн жийиркенет.

Үстүбүздөгү жылы Кыргыз Республикабыздын Президенти байыркы жаңгак-жемиш жана арча токойлорун сактоо, экологиялык кырдаалды турукташтыруу максатында жаныбарлар дүйнөсүн сактоо жана пайдалануу жөнүндө республиканын токой фонду-

нун жерлеринде өскен дарактардын өзгөче баалуу түрлөрүн кыркууга, кайра иштетүүгө жана сатып өткерүүгө 3 жылдык мөөнөткө мораторий жарыялады.

Кыска мөөнөттө, 2-3 жылдын ичинде улуттук токой чарбасын өнүктүрүү боюнча иш чараларын түзүп, бардык 7 облуста тең чындап, астейдил ишке киришпесек кеч болуп калат.

## БОШҚАЛАРДАН КАМ ЭМАСМИЗ

Қирғизларда «Тоғи борнинг эли бой» деган нақл бор. Бу гапда муболаға йўқ. Буюк қўшнимиз Хитой ҳам тоғларга ниҳоятда бой бўлиб, кейинги ўттиз йил ичида энг тез ривожланаётган давлатлар қаторидан жой олди. Одатда тоғ кўп жойда фойдали қазилмалар кўп бўлгани билан деҳқончилик имкониятлари хийла чекланган бўлади. Бир қараганда, салкам бир ярим миллиард аҳоли яшайдиган мамлакатни боқиш ниҳоятда мураккаб вазифа бўлиб кўринади. Хитойликлар эса ўзларининг қорнини боқиш билангина чекланиб қолмасдан, четга озиқ-овқат маҳсулотлари чиқариш кўрсаткичларини ҳам ошириб боришяпти

Хитойлар азалдан яхши деҳқон ва чорвадорлар ҳисобланишган. Бу ҳақда болалигимдаёқ кўп маълумотларни эшитгандим. Кейинчалик қўлимга тушиб қолган махсус энциклопедияни ўқиб, илмий маълумотларга ҳам эга бўлдим. Тинчликсевар бу халқнинг кейинги йилларда эришаётган ютуқлари ҳар қандай одамни лол қолдирмасдан қўймайди.

Хитойни гоминданчилар анча вақт кишанда ушлаб келишган. Ҳокимият тепасида Чан Кай Ши турган йилларда мамлакат тараққиёти бутунлай тўхтаган бўлса, 1949 йилда давлат мустақиллиги эълон қилинганидан бошлаб халқ хўжалигини аста-секин ривожлантиришга киришилди.

ХХР майдони 9,9 миллион квадрат километрни ташкил қилади. Шаҳарлар сони икки мингдан ортиқ. Шанхай, Мукден, Пекин, Кантон, Ухан каби шаҳарларнинг ҳар бирида Қирғизистонникидан кўпроқ аҳоли яшайди. Дунё аҳолисининг тўртдан бири истиқомат

қиладиган Хитой дон етиштиришда дунёда биринчи ўринда туради. Ҳақиқатан, шунча миқдордаги аҳолини боқиш учун нафақат дон, балки бошқа озиқ-овқат маҳсулотларини етиштиришда ҳам илғорлик қилиш талаб этилади.

Хитойнинг дон етиштиришда биринчи ўринга чиқишининг ўз тарихи бор. Тоғли Тибет автоном вилоятининг ҳудуди 1,23 миллион квадрат метрни ташкил қилиб, денгиз сатҳидан 4300 метр баландликда буғдой етиштирилади. Мамлакат шимолидаги текисликларда икки йилда уч марта, водий ерларда эса йилига икки марта ҳосил олиб келинади. Янцзи дарёси қирғоқларида биринчи экин ҳисобланган шоли йиғиштириб олиниши биланоқ ўрнига буғдой экилиб, иккинчи ҳосил етиштирилади. Шимолдаги деҳқончилик ҳудудларида шолидан йилига икки марта ҳосил олинади, агар пахта экилса, орқасидан буғдой сепилади. Гуан ва Хайнан шоликорлари йилига уч марта ҳосил олиб ўрганишган.



Яна бир айтадиган нарса шуки, хитойлар АҚШ, Германия, Франциядагига ўхшаб экинзорларни ниҳоятда яхши парваришлайдилар, чорва моллари боғлаб боқилади, яйловларнинг тепалаб ташланишига йўл қўйилмайди.

Бизда-чи? Бундан йигирма-ўттиз йил олдин белгача ўсган ўтўланларимиз қолгани йўқ. Табиий пичанзорларни озиқлантириш СССР билан бирга йўқ бўлиб кетган. Шунинг учун юз минглаб гектар ерни эгаллаган табиий яйловларда ўт ўсмай, чиққани ҳам июнь ойига етмай қовжираб кетяпти. Мол-қўйларнинг туёғи остида тепаланаётган ўтларнинг уруғи пишмай, ўсимликларнинг айрим турлари чиқмай ҳам қўйди. Ҳатто, серёғин келган шу йилда

ҳам утлар яхши усаётганига қарамай, айрим усимликларнинг уруғи униб чиқмагани ташвишлантиради. Бу нарса чорва молларини боғлаб боқишга утишимиз зарурлигини курсатиб турибди.

Хитойнинг куп жойларида дон, картошка, сабзавот етиштирилаётган ерларга яқин ҳудудларда 70-100 гектарли урмонзорлар ташкил қилинган, иккинчи томонға эса пахта, маккажухори, беда экилади. Урмонларнинг таъсири билан бу экинлардан юқори ҳосил олинади.

Бизда ҳам шундай қилишнинг тулиқ имкониятлари бор, фақат камҳафсалалик қилиб қимматли вақтни бой беряпмиз. Молларимизнинг ориқлиги, маҳсулдорлиги нинг камлиги, интенсив ривожланиш, наслчилик ва бурдоқичилик, сутнинг мойлилигини ошириш деган тушунчалар истеъмолдан чиқиб кетганлиги сабаби шундандир.

Бизда ҳам аҳоли сони йил сайин ортиб боряпти. Яқин келажакда ресурслар етишмаслиги кузга яққол курина бошлайди. Бу синовга ҳозирдан тайёр турмасак булмайди. Яратганнинг узи ато этган ер ва сув бойлик-ларимиздан туғри фойдаланиб, ҳар бир имкониятни турмушимизни яхшилашга қаратишимиз лозим.

## ТАКРОР АЙТИШДАН ЧАРЧАМАЙМАН

Тоғ-урмонлар ёввойи ҳайвонлар ва қанотли қушларнинг макони ҳисобланади. Одамлар эса бундай гузал масканларга курорт, санаторийлар қуриб  дам олиб, саломатликларини мустаҳкамлайдилар.

Элимизда «Урмон – минг бойлик» деган мақол бор. Ушбу мақолани ёзишимга «ҚТР обо» газетасининг 2008 йил 26 декабрдаги сонида босилган журналист Сахиба Кадированинг «Бахтли булишнинг тайёр формуласи йуқ» сарлавҳали мақоласи турткм булди. Сизларга ҳам бу мақолани топиб уқишни тавсия қиламан.

Илгари ҚТРда сухандон булиб ишлаган Айнура Кабатай қизи ҳозир «НТС» телеканалининг янгиликлар дастурида бошловчилик қилмоқда. У утган йилнинг декабрида АҚШнинг Вашингтон

шаҳрига бориб, улуғ ёзувчи Ч. Айтматовнинг 80 йиллигига бағишланган халқаро симпозиумда қатнашиб келди.

Ундан танишлари, касбдошлари «Вашингтондан олган таассуротларингиз ҳақида гапириб беринг» деб сўрашганда, Айнура қуйидагича жавоб берган:

«Мени ҳайрон қолдирган нарса шаҳар кўчаларида кийикларнинг бемалол юриши бўлди. Ўрмондан шаҳарнинг марказий кўчаларига одамлардан қўрқмай кириб келган кийиклар йўл бўйига келиб қолишса, ҳайдовчилар машиналарини тўхтатиб, кийикларни авайлаб ўтказиб юборишар экан. Америкаликларнинг табиатга, ҳайвонот оламига бўлган муносабати менда катта таассурот қолдирди».



Бундан 70-100 йиллар муқаддам Қирғизистоннинг тоғли ҳудудларида турли тоғ ҳайвонлари тўп-тўп бўлиб ўтлаб юришган. У пайтларда тоғ ва адирларда ўрмонлар ниҳоятда қалин бўлиб, қишлоқларда мевали, манзарали дарахтлар жуда кўп эди. Фақатгина ўрмонларда эмас, далаларда ҳам дарахтлар кўп ўсарди, у ерларда дала товуғи, каклик, каптар, тўрғай, булбул, бедана каби қушлар куну тун ёқимли сайраб, атрофни худди эртаклардагидек обод қилиб турарди.

Тоғлардан шилдираб оқувчи тиниқ булоқлар, майда кўллар сувларидан ичиб тирикчилик қилардик. Қайси томондан ёмғир ёғиб ўтса, осмонда қизил-яшил тусдаги Ҳасан-Ҳусан камалаги пайдо бўлиб, атрофга ажойиб кўрк бахш этарди.

- Ҳозирги ёшлар Ҳасан-Ҳусан камалагини билишадими?
- Йўқ.
- Улар булбулнинг сайрашини эшитишяптими?

- Йуқ.

-Тоғларимизни макон этган кийиклар, оҳулар ҳозир ҳам борми?

- Оз. Овчилар ёввойи ҳайвонларни куриши билан отишади.

- Сунгги пайтларда қизил, яшил, сариқ рангли булутларни курган борми?

- 60 йилдан бери йуқ.

Бу руйхатни давом эттирсак, йуқолиб бораётган бойликларимиз купчиликни ташкил этишиға гувоҳ буламиз.

Совет даврида "Арслонбобота", "Аркит", "Уртоқ" урмон хужаликлари давлатга 250-300 тоннадан ёнғоқ, тоғ олмаси, 30-50 тоннадан асал, юзлаб тонна мева-чева ва шифобахш утлар топширарди.

Ҳозир бу урмонларнинг майдонини кенгайтириш урнига ҳаммасига ҳуруж қилиниб, қурилиш материаллари сифатида сотилиб йуқ буляпти.

Урмонлар қанчалик қалин булса, тоғларда шунчалик куп музликлар, чуққилар пайдо буади. Улар ёққан ёмғир ва қорнинг намини сақлаб туради. Музлар эриб, қишин-ёзин сойлар ва дарёларда сув бир қолипда оқади. 1 гектар урмонзорнинг сақлаган намлиги ҳисобига оққан сув билан 10 гектар экин майдонини 2-3 бора суғориш мумкин.

Охирги пайтларда одамларниг урмонларга шафқатсизларча муомала қилиши оқибатида Норин дарёси ва Туқтағул сув омборларидаги сув сатҳининг пасайиши кузатиляпти. Табиат одамлардан уч олмасдан қолмайди.

Бу ҳам етимашгандай, 1990 йилларда Арслонбоб, Жойтерак ва Ачи урмонларидан 2423 кубометр ёнғоқ дарахтлари кесиб сотиб юборилгани касофатига ҳозир Бозорқурғондаги сойда ёз ойларида деярли сув оқмайди. Натижада Новкент ва Бозорқурғонда пахта майдонлари қисқартирилди. Илгаригидек беда ва маккажухори майдонлари умуман йуқ булиб кетяпти.

Қишлоқ хужалиги вазирлигидагилар ҳам, вилоят ва туман раҳбарлари ҳам сув куп булса, ёки ёғин–сочин куп тушса, мул ҳосил оламиз, дейишади.

Ота-боболаримиздан қолган бир гап бор: «Етти кунлик ёмғирдан елиб ўтган сув яхши». Тўғри, ёмғир ва қор кўп ёғса, деҳқонлар учун фойдали. Бироқ ўрмон-лар бўлмаса, уларнинг нами сақланиб қолмайди. Қуёш чиқиши билан ёққан ёмғир ҳам, қор ҳам буғланиб кетади.

Сувни ўрмонларгина кўпайтира олади. Айниқса, ёнғоқзор ўрмонлар нам-ликни яхши ушлаб туради. Сув бор жойда ҳаёт бўлади. Япониянинг 70 фоиз ҳудуди ўрмонзор, дов-дарахтлар экилган майдонлардан иборат. Улар пахта ва бошқа экинларни экмаса ҳам, қазилма бойликлари бўлмаса ҳам, ҳамма нарсани четдан сотиб олишса ҳам бой яшашади. Негаки, «Ўрмон – минг бойлик» деган гап бор.

Аллоҳ бизга баракали ўрмонзорларни инъом этган. Йўқолиб бораётган ўрмонларимизни сақлаб қолайлик. Барча имкониятларни ишга солиб, тезкорлик билан йўқолиб бораётган тармоқларни, жумладан, ўрмонларни ўз ҳолига келтиришимиз зарур. Шундагина ривожланган мамлакатга айланишимиз мумкин.

Урмонларни ўз холига келтириш, уларнинг майдонларини кенгайтириш керак. Норин дарёсини ҳам, Тўқтағул сув омборини ҳам ўрмонлар қутқара олади.

◊

# ТҮНДҮК-ТҮШТҮК БӨЛҮНБӨЙТ, БӨЛҮНГӨНДҮ БӨРҮ ЖЕЙТ...

Кыргызстандын түндүгү менен түштүгү, бул бир куштун эки канатындай десем жаңылышпайм. Бул эки региондун эли эзелтеден бери эле тыгыз достукта, бир үй-бүлөнүн балдарындай ынтымактуулукта жашап келе жатышат.

Түндүктөгү Чүйүбүз - биздин жалпы үйүбүз. Чүй берекеси бетине чыккан Борбордук Азиядагы гана эмес, жер планетабыздагы эң сонун өрөөндөрдүн бири болуп саналат. Бир жагы деңиз деңгээлинен 500-1300 метр бийиктикте болсо, дагы бир жагы 1800-2000 метр бийиктикте жайгашкан. Чүй, Ысык-Ата, Кара-Балта, Аламүдүн, Сокулук, Шамши, Кегети жана башка көп айылдарды, таштан-ташка урунуп, ак көбүгүн мас теөдөй чачыратып аккан сайлары, дарыялары кандай сонун, суусу таза да, тунук да. Жаз-жай айларында жамгыр көп жаап, ат бою тулаң өсөт. Ал жерде буудай, кант кызылчасы, жүгөрү, жашылча жана башкаларды эксең, мол түшүм аласың.

Анан Чүй баатырлардын мекени. Улуу Ата Мекендик согушта чүйлүк жоокерлерди Байтик баатырдын арбагы колдоп, Бишкек шаарынан чыккан баатырларды да кошуп эсептегенде, Чүй жергесинен эле 43 эр жүрөк жоокер Советтер Союзунун Баатырлары болушту. Ал эми Социалисттик Эмгектин Баатырлары, Кыргыз Республикасынын Эл баатырлары канча? Чүй баатырлардын мекени деген сөздө калет жок.

Чүйлүк жаштар географиялык шарты ыңгайлуу болгондуктан 1950-жылга чейин эле ар түрдүү кесиптин ээлери болушкан. Бишкектен Москвага поезд, аба жолдору ачылып, Москвадагы, Ленинграддагы жана башка шаарлардагы жогорку окуу жайларын

ийгиликтүү бүтүрүшкөн. Ошто, Жалал-Абадда, Баткенде жана башка региондордо агроном, врач, мугалим, юрист жана башка адистер жетишкен эмес. Ошондо түштүккө Чүй жактан көптөгөн жогорку билимдүү жаштар келишип, чың кеңүлдөн, ак ниеттүүлүк менен иштешкен. Биз түштүк жактагы билимге муктаждарды окутушкан, көп кесиптер боюнча мыкты кадрларды даярдашкан. Буга бир нече мисалдарды Жалал-Абад облусунан же өзүбүздүн Ноокен (мурдагы Ленин) районунан эле келтирейин.

Менин угушума караганда, кадимки эле кыргыз эл акыны Темиркул Үметалиевдин «Кубат» поэмасынын башкы карманы Кубат Жуматаев Улуу Ата Мекендик согушта гранаталарды бел курчоосуна байланып, өзү менен кошо немецтик-фашисттин танкасын жарып жиберип, баатырларча курман болгонун кыргыз журту гана эмес, бүтүндөй совет эли жакшы билет. Атаганат, Кубат баатыр борборубуздагы ошол кездеги эң жогорку окуу жайды политехникумду бүтүп, биздин Жалал-Абаддагы комсомол комитетинде иштеп жүргөн кезинде советтик аскердин катарына чакырылган экен. Ушул күндө баатыр туулуп өскөн Эркин-Сай айылындагы мектеп Кубаттын ысымын алып жүргөндүгүн көпчүлүк жакшы билет.

1950-жылдардын башында Аламүдүн районунан келген Тутан Саткыналиев деген жаш жигит Жалал-Абад облусунда, Ошто облОНОнун башчысы болуу менен бардык райондордо, шаарларда мектептерди курдуруп, окуу тарбия иштөрин жолго койгон, жаш кадрларды окутуп чыгарган, өстүргөн. Түштүктүн эли аны өз уулундай жакшы көрөт, сыйлашат, урматташат. Ошол эле Аламүдүндөн Ноокенге 1950-жылы келген педагог Жумабек Ниязов удаасы менен 40 жыл Ноокен районунун борборундагы №1 «Ленин жол» орто мектебинин директору болуп иштеди (Азыр бул мектеп Мирзахожаев атындагы орто мектеп). Бул орто мектепте кыргыз, орус, өзбек, класстар болуп, миңдеген жаштарды окутуп, жетилүү аттестаттарына ээ кылган.

Мен советтик армиядан келгенден кийин Ж. Ниязов уюштурган кечки мектепте окууну улантып, 10-класcты бүтүрүп, кийин Өзбекстандын Наманган шаарындагы Х. Ниязий атындагы пе-

динституттун тарых факультетин бүтүрдүм. 1954-жылдан баштап, 2000-жылга чейин алгач Ошто орус тилинде чыгуучу «Сталинский Путь», «Ленинский Путь», өзбек тилинде чыгуучу «Ленин йули», Жалал-Абад облусунун «Акыйкат» гезиттеринде өз кабарчы болуп иштедим. Азыр 88 жаш курагында болсом да райондук, областтык жана республикалык газеталардан кол үзбөй, кабар жазып келе жатамын.

Ушул эле Ж. Ниязов уюштурган кечки мектепти мени менен бирге окуп бүтүргөн Юсупжан Момбеков болгон. Ал Калинин атындагы колхоздун төрагасы болуп иштеп жүрүп Социалистик Эмгектин Баатыры болгон. Азыр Кыла айылы Момбеков айыл өкмөтү деп аталат.

Ушул мектепти окуп бүтүргөн Кадыржан Сабыров Ташкенттеги университеттин журналистика факультетин бүтүрүп, Өзбекстандын «Правда Востока» газетасынын ез кабарчысы, Өзбекстан телерадиокомпаниясында бөлүм башчы болуп иштеп жүрүп, 70 жаш курагында кайтыш болду. Мындай мисалдар көп.

Ж. Ниязовдун уул-кыздары да, неберелери да ушул Ноокен районунда төрөлүп, окууну бүтүрүштү. Анын бир уулу Мирослав Ниязов генерал-майор, ал Бишкекте жашайт.

Чүйдүн Жайыл районунан Абдыкалык Ордобаев деген майор 1945-1950-жылдарда биздин Ноокен районубузда райвоенком болуп иштеди. Ал ушул Масы айылынан Саламат деген кызга үйлөнүп, бала-чакалуу болду, аскерден бошогондон кийин ушул жерде мектептин директорунун орунбасары болуп иштеп жүрүп дүйнөдөн кайтты. Анын балдары Калый, Аким райондук мекемелерде иштеп жүрүшөт. Кызы Света Бишкекте жашайт. Булардын апасы, чоң энеси Саламат жеңе балдарынын убайын көрүп жүрет.

Чүй облусундагы Панфилов районунун Панфилов-1 айылындагы «XV партсъезд» участкасынын жашоочусу Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу Школьная көчөсүнүн №63-үйүнүн тургуну, Сталинград шаарында немистик-фашисттик армиянын командачысы фельдмаршал Паулюсту 24 генералы менен туткунга алган жоокерлеринин бири Сатымкул Жунушалиев да 1948-1958-жылдарда биздин Ноокен районубузда мектепте окуу бөлүмүнүн баш-

чысы, акыркы жылдарда райондук «Жеңиш жолунда» (азыр «Ноокен жаңырыгы») гезитинде редактор болуп жемиштүү иштеп, ата-энесинин өлгөнүнө байланыштуу туулган жерине кеткен эле. Ал мына соңку беш жылдын ичинде 2002-2004-2005-жылдарда Жалал-Абаддын санаториясында дем алганы келген сайын 2-3 күн Ноокен районуна келип, тирүүлөрү менен жолугушуп, дүйнөдөн өткөндөргө бата-дуба окуп кайтчу эле. Ал киши азыр маркум.



Чүйлүк Муктар Тилекеев кандай жакшы киши эле. Ал жаштайынан эле келип райондук прокуратурада иштеди, райком партиянын 2-секратарлыгына шайланды, Ош облусунда прокурор болуп иштеп туруп, Бишкекке чакырылып Кыргызстан Жогорку сотунун төрагасы, генпрокурор болуп да иштеди. Анын балдары да Ноокенде төрөлүп, иштеген. Бир уулу Тилекеев Жеңиш Муктарович Ноокенде окуп, өсүп, жогорку билимдүү болуп, Бишкекте иштеп жүргөн жеринен Ноокенге Кыргызстан эгемендүү болгондо биринчи аким болуп келип иштеди. Ноокенде зилзала болгондо атасы М. Тилекеев өзүнүн пенсия акчасынан 1000 сом кол кабыш кылды. Ал кезде миң сомго 10-15 кой сатып алуу мүмкүн эле. Жогоруда айтып кеткенимдей, ошол эле Панфилов аймагынын Кумарык айылынын кулуну Касымалы Касманкулов биздин Ноокендин Сакалды айылындагы «Кызыл Кыргызстан» орто мектебинде директор болуп иштеп кеткен. Анын бир тууган иниси Наскул Касманкулов дагы ушул мектепте мугалим болуп иштеп көпчүлүктүн урмат-сыйына татыктуу болгон. Ал 47 жыл агартуу майданында талыкпай эмгектенип, өзүнүн баласын тарбиялап аталык милдетин тийиштүү деңгээлде өтөп, жарык дүйнө менен кош айтышып кеткенин угуп абдан кейип калдым.

Айта берсек, мындай фактылар түгөнгүс, жаза берсек өзүнчө

дастан болот. Түндүктөн келип башка райондордо түрдүү кесиптерде иштешкен атуулдар канча? Эсеп жок...

Ал эми биздин күнөстүү түштүктөн-түндүккө барып иштегендер азбы? Ага деле көп.

Жалал-Абад облусубуздун Аксы районунун кулуну Матөн Сыдыков Нарын обкомунун 1-секратары, ноокендик Арзымат Өсөрөв Тянь-Шань райкомунун 1-катчысы, Сузак районунун кулуну Бегимкул Терегелдиев Ак-Талаа райкомпартиясынын 1-катчысы болуп жемиштүү иштешкен. Түштүктүктөрдөн Чүйдө, Нарында, Ысык-Көлдө жана башка жерлерде жүргөндөр арбын. Түндүк-түштүк элдери бир-бирине кыз берип, кудалашып, бир туугандай ынтымакта жашоодо. Түндүк менен түштүк элдери салыштырмалуу бир ак шумкар куштун эки канатындай эле. Бир канаттуу куш уча албагандай түштүк түндүксүз, түндүк түштүксүз жашай албайт.

Буга бир эле мисалды келтирейин. Ар дайым түндүк түштүккө дан эгиндеринин мол түшүм бере турган сортторун жеткирип берүүдө. Азыр Ош, Бишкек автомагистралында күнү-түнү автобустар, жеңил автомашиналар, аба жолдорунда самолёттор түштүктөн-түндүккө, түндүктөн-түштүккө карай тынымсыз каттоодо.

Кудай каалаcа, келечекте бийик Ала-Тоолорубуздун арасынан Бишкектен Ошко, ал жагы Кытай, Россия, Парижге чейин да поезддер тынымсыз каттайт, океан жолдоруна да чыгабыз.

Эмне кылуубуз зарыл? Алдыбыздагы боло турган Президенттик шайлоону көңүлдөгүдөй сонун, тынч өткөрөлү. 60 тан ашык турбазаларыбызды учурдун талабындагыдай кылып бүткөрөлү. Томсоргон тоолорубуздагы токойлорубузду, бак-дарактарды калыбына келтирели. Айыл, мал чарбачылыгын өнүктүрөлү.

Кыргыз Республикабыз боюнча темирдей тартипти бекемдейли, улутчулдук, урууларга бөлүнүүнүн кереги жок. Ынтымактуу болуп шайлоону өткөрөлү, 2012-жылды Кыргызстандын алга карай өнүгүүсүнүн биринчи жылына айландыралы. Кыргызстанды дүйнөдөгү эң бай, кудуреттүү мамлекетке айландыралы, бейиштегидей сонун, бай, маданияттуу, абдан ынтымактуу жашайлы.

«Бөлүнгөндү бөрү жейт», деген кыргыздын макалы бар. Түндүк-түштүк бөлүнбөйт.

# ТИЛДИ ӨНҮКТҮРӨЛҮ ДЕСЕК

Мен 1942-1950-жылдарда Советтик Армияда кызмат өтөп, көп шаарларда болуп, көп элдерди, жерлерди көрүп, согушка катыштым.

1943-жылдын октябрь айынан баштап ички иштер аскерлеринин жоокерлери Жогорку командачы И.В. Сталиндин приказы менен 27-майда Кавказдагы чечен-ингуш, кабардин-балкар, карачай-черкес, түрк-месхет, осетин, крым-татар, лезгин, кумык, хемшель, дагестан жана башка ушул сыяктуу элдерди 1944-жылдын апрель айына чейинки аралыкта Казакстанга, Өзбекстанга, Кыргызстанга жана башка жактарга эвакуацияладык. Ошол элдерден балкарлардын, кумыктардын, дагестандын, карачайлардын тилдери кадимки эле кыргыз тили сыяктуу туюлду мага.



Балкарлар болсо «жууркан», «төшөк» деген сөздөрдү кыргызча эле колдонушат. Көп сөздөрдү кыргызча, өзбекче, казакча, азербайжанча, түркчө дегендей аралаш, котормочусуз эле алар менен сүйлөшсө болот.

Ошол жылдарда баарынан дагы мага таң калыштуусу бул болду. Москва-Баку багытындагы поездде бара жатып, Дагестан АССРинин аймагында «Манас» деген темир жол станциясынын бардыгына таң калдым. «Население», «городок», биздин тилибизде болсо «айыл, конуш, кыштак» дегенди билдирет. Дагестанда болсо Новокент, Каякент, Карабудакент, Касумкент ж.б райондордо айылдардын аттары бар.

Мен буларды 1943-1944-жылдарда көрүп билген болсом, кийин айрым кишилерден да угуп жүрөмүн. Аскерде дагестандык Таштемиров Ладав деген улуту дагестан болгон досум бар болучу. Аны менен кадимки түрк тилдеринде сүйлөшчү элем, аны

издеп Дагестандан Ростов шаарына келишкен 3 дагестандык кишилер менен да кыргыз тилинде сүйлөшкөн болчумун.

Ошондой эле Азербайжан Республикасында Ажыкент, Ташкент областында болсо Газалкент, Паркент, Казакстанда Чимкент, Бухарада Вабкент, Кытайда Яркент деген шаарлар кездешет. Ички иштер аскеринде командировкада жүрүп Хакасия автономдуу областында, Красноярск крайында, ТуваАССРинде жана Тажикстанда да кыргыз тилдүү, бирок улуту башка элдерди көрдүм. Хакасияда фамилиясы орусча, сүйлөгөнү кыргызча чал-кемпирлерди илгери көргөн элем. Тажикстанда улутум лакай деп кадимкидей кыргызча сүйлөгөн элди да көргөнмүн. Илгери бир кылымдарда кыргыздар бүткүл дүйнөгө тарап кеткен экен деген терең ойдо калдым. Ошондон улам «Асманда жылдыз көппү, же дүйнөдө кыргыз көппү» деген суроого «кыргыз көп» деп эле жооп берер элем.

1999-жылы тил боюнча конкурска «Джумабеков эмес, Жумабеков» деген макала жазган элем. Анан кээ бир жолдошторум: «Орусча ошондой жазылат, «Ж» тамгасынын алдында «Д» тамгасы кошо жазылат» деп айтышты.

Анда эмне үчүн орустарда Жуков, Журавлев, Жданов, Житомир же башка ушул сыяктуу атамаларда башына «Д» тамгасын кошуп Джуков, Джуравлев, Джданов, Джитомир, Джелезняк деп жазылбаптыр го деп талаштым. Өзүңөр эле аша чаап жазып жүрөсүңөр фамилияңарды бузуп, деп айттым. Кийин ал достор фамилиясынын башындагы «Д» тамгасын алып салышты. Бул жерде менин сунушум туура болуп, колдоого алынды.

Мен өзүм кыргызмын. Биринчи класстан баштап жогорку билимдүү болгуча өзбек мектебинде окудум, согуштан кийин кечки мектепте да өзбекче окуп 10-классты бүтүрүп, Наманган шаарындагы Хамза Хакимзада Ниязий атындагы пединституттун тарых факультетин бүтүрдүм. Аскерде казак, каракалпак, өзбек, түркмөн, азербайжан жана башка түрк тилдүү балдар менен бирге кызмат өтөп, сүйлөшүп жүрүп, жаш чагымда тилим катпай туруп, алардын тилдерин да мыкты билип алдым. Уйгур тилин болсо өз алдымча эле уйгурлардай билемин. Демек, ошолордун китептерин, газеталарын да окуп тамгаларын үйрөнүп алдым.

Кыргызда «Карынын сөзүн капка сал» дегендей, менин колдоого ээ боло турган сунуштарым бар.

Баарыга белгилүү кыргыз алфавити 1924-жылы араб графикасында чыкты. Ошол жылы Ташкенттен араб алфавити менен «Эркин Тоо» гезитибиз 1000 тираж менен жарыкка чыккан. Дал ошол эле жылы январь айында мен да туулганмын.

1924-1927-жылдардагы араб алфавитин карагыла. Анда 25 тамга бар. Анан 1928-жылы латын графикасына көчтүк. 1929-жылы эле эки жолу алфавиттерди талашып-тартышып, оңдошту. К. Тыныстанов, А. Төрекулов сыяктуу ошол кездеги окумуштууларыбыз кыргыздар үчүн сонун, толук алфавиттерди жаратышкан болчу. Аларды сактап калуу керек эле...

1940-жылы азыркы СНГнын (илгерки союздук республикалардын), анын ичинен Кыргызстандын кыргыз алфавити да орус графикасына көчүп өттү. «Көчүп жүргөн адам көп нерсесин жоготот» дегендей, акыркы жолу жаңы алфавитине көчкөндө кыргыз тилинин ажыралгыс сонун абадай керек болгон үч тамгабызды жоготуп, ушул күнгө чейин издеп таппай, жер сыйпалап калдык. Ошол жоголгон үч тамга түрк тилдүү элдердеги өзбектерде, казактарда, каракалпактарда, уйгурларда ж.б. элдерде жоголбой сакталып калды.

Кербендин 3 төөсү болсо, алардын жүгүн башка 3 төөгө артып, таңа салгандай эле, бул үч тамганын милдетин башка үч тамгага жүктөй салышты. Ошентип биздин 1940-жылы кабыл алынган «К», «Г», «Ж» тамгаларына жоголгон үч тамганын милдетин жүктөшүп, ар бир тамга экиден милдет аткарып калды. Кечиресиздер, азыркы окумуштуулар, билимдүү адамдар, мен дагы, сиз журналисттер дагы ошол бузулган тыбыштарды бузбай эле тууралап окуйбуз жана жазабыз. Ал эми Кыргызстандагы 80 ден ашык улуттун өкүлдөрү, чет элдиктер тамгалардын тыбышын бузуп окушат, жазышат.

Кыргызда бир макал бар: «Эшек мингендин эки буту тынбайт, эки аялдуу адамдын кулагы тынбайт» дегендей, эки башка сөзгө да бир эле тамганы иштете беребиз. Буга ачык мисалдарды келтиремин.

1. Калматов, Касымов, Кулатов, кожо, колукту, коломто, коон, кашык…

2. Каримов, Көмел, Көкөтай, кедей, көлөкө, көмүскө, кепил, кел, кет, кемпир, келечек, кел-кел, көл, келемиш…

Мына ушул биринчи жана экинчи пункттагы сөздөрдү окуп да, сүйлөп да кергүлөчү. Жогорудагы 1-пунктта «К» тамгабыз кандай тыбыш чыгарып жатат? 2-пункттагы «К» тамгасы кандай тыбыш чигарууда?

Бир эле «К» тамгасы эки милдет аткарганы менен тыбыштарынын айырмасы асман менен жердей эле бар.

Эми «Ж» тамгасына келейин.

1. Жуков, Журавлев, Жданов, жалоба, живой, жир, журнал, жизнь, жук.

2. Жуманов, Жылкычиев, Жапал-Абад, жамгыр, жип, жүгөн, жумуш, жок.

Окуп, сүйлөп да көргүлөчү? Биринчи катарда «Ж» тыбышы жана экинчи катарда «Ж»нын тыбышын. Айырмасы абдан чоң.

Же, «Г» тамгасынан мисалдарды келтиремин.

1. Галкин, голова, галстук, гол, главный, гигант, голос, гольф.

2. Газ (гус), галла (зерно), галтек (катушка), гозо (хлопчатник), Газыбаев, Гафур, Жумгал, Токтогул, Тоголок.

Мынакей, «Г» тамгасы сөздүн башында келеби, Токтогул, Жумгал деген сөздөрдөгүдөй ортодо келеби, мында тыбышты эки башка чыгарып, сез да, тыбыш да бузулуп жатат.

Өзбек, казак, уйгур, каракалпак ж.б ушул тамгага белги, куйрук чыгарышып (биз «Н» тамгасына «/» куйрук чыгаргандай), натыйжада аларда сөз тыбышы бузулбай ордунда калган. Биз «кыргыз» деп жазганыбызда да «К» менен «Г» тыбышты бузууда. Мисалы, каракалпактар «кыргыз» деп бул тамгаларга куйрук чыгарып туура жазган.

Кыскасы, «К», «Ж», «Г» тамгалары да абдан керектүү, аларды өз ордуна калтырып, биз дагы жаңыдан тамганы ушул эле тамгаларды өзгөртүп, куйрук чыгарып «К», «Ж», «Г» кылып койсок, анда 1940-жылда калган 3 тамгабыз ордуна келгендей болот. Сөзүбүз да, тилибиз да так болот эле.

## АКЫН ГУЛИСТАН ШАМУРАТОВА РАЙОНУБУЗДА



Каракалпакстан Республикасынын белгилүү акыны, жазуучу, республиканын искусствосуна эмгек сиңирген ишмер Гулистан Шамуратова үстүбүздөгү жылдын сентябрь айында областыбызда жана районубузда мейманда болуп кайтты.

Ал областтык «Жалал-Абад таңы» газетасынын редакциясында жана телерадиокомпаниясында мейман болуп, редактор Батырбек Газибаевке, телерадиокомпаниясынын төрайымы Бактыкан Ажымаматовага интервью берди. Журналисттерге өзүнүн «Мен аялмын», «Кезүң», «Көңүлүм» жана башка ырларынан окуп берди.

Ошондой эле биздин райондо болгондо райакимчиликтин кызматчылары, айыл интеллигенттери, окуучулар жана «Москва» айыл чарба кооперативинде дыйкандар менен жолугушту. Райондук мамлекеттик администрациясынын башчысынын орун басары Тажикан Самидинованын катышуусу менен болгон жолугушууларда Гулистан Шамуратова өз ырларынан окуп, түшкөн суроолорго жооп берди. Журтубуз угуп өзүлөрүнүн ыраазычылыктарын билдиришти.

Ошону менен бирге Масы айылындагы жолугушууда пахтакер-дыйкандардан Совет Кыргызбаев, Гулнара Садыкова, ветеран Тажикан Досматова жана башкалардын акынга Каракалпакстандагы боордош элдердин жашоо шарттары тууралуу, Арал проблемалары, эл-журтунун келечеги жөнүндө кандай иш чаралар көрүлүп жаткандыгы жөнүндөгү суроолоруна жооп берип, ал ор-

чундуу маселелерге токтолду. Айрыкча акын Каракалпакстандагы Арал деңизинин куруп бара жаткандыгы, элдин турмушунун оорлошуп кеткендиги, таза ичимдик суунун таңкыстыгынан калктын көпчүлүгү ар түрдүү кеселдиктерге чалдыгып, жаш балдардын, энелердин кем кандуулукка жолугуп олтургандыгы тууралуу толкунданууу менен жооп берди.

Акын эл башында турган оор тагдырга коңшулаш элдердин жакындан жардам берип, гуманитардык жардамга оокат-азык, дары-дармектерди жеткирип берип туруугa достук жардам колдорун созуп жаткан Германия, Туркия, Казакстан сыяктуу жана бир топ элдердин аттарын атап өттү.

Арал деңизинин өз жээктеринен чегинип, кургакчылыкка айланып калгандыгы, Арал деңизинин астындагы туздуу чаңдар абага көтөрүлүп, бардык эгиндерге, адамдарга жана жандуу жаныбарларга да терс таасирин тийгизип, кургакчылык кендирди кесип турса да бул кужүрмен, чыдамкай каракалпак калкы емүр, жашоо үчүн башка элдер менен бирге келечекке умтулуп, жаш муундарга кам керүү, алардын ден соолугун чыңдоо үчүн бардык мүмкүнчүлүктөрүн, күч-кубатын аябай жумшап жатышат.

Азыр Аму дарыясынын төменкү куяр (дельта) эки жакасын тең эгинзарларга айландыруу, Өзбекстандын Арал регионунда жашаган элдерин күрүч менен камсыз кылуу үчүн иштер жүргүзүлүп жатканын, быйылкы жылда республикада шалынын, пахтанын, дан эгиндеринин түшүмдүүлүгүнүн мол болгондугун кубануу менен белгиледи. Андан тышкары бакча, жашылча эгиндеринин да айтарлыктай болгондугун, куурап калган дарактардын ордуна жаш көчөттөрдү олтургузушуп, келечекте бак-дарактуу мамлекетке айландыруу боюнча илимий көз караштар менен иш алып барылып жаткандыгына кеңири токтолду.

Жалпысынан тыянактап айтканда каракалпак калкы башка элдерден кем калбай жакшы жашоо, өзүлөрү туулуп-ескөн жерди таштап, башка жактарга кетпөө үчүн өз жерлерин көздүн карегиндей сактап, эл-журтунун атак даңкын дүйнөгө таанытууга багытталган ой-толгоолору менен астейдил аракеттенишүүдө.

Республиканын окуу-жайларында, маданий агартуу мекеме-

леринде, көркөм өнөрүн өнүктүрүүдө, таланттуу инсандардын чыгармачылык эмгектери көзгө ташталат. Нукус шаарындагы мамлекеттик театрлар калкка өздөрүнүн үлгүлүү чыгармаларын көрсөтүп, жазуучулар союзунун мүчөлөрү эл башына түшкөн тагдырларды ой-толгоо менен жазып жаткандыктары, сүрөтчүлөрдүн чыгармачылык өнөрлөрү өсүп жатканын жана көп баалуу чыгармалардын авторлорунун Өзбекстан жана Каракалпакстандын сыйлыктарына татыктуу болгонун фактылар менен келтирип айтып берди.

Асыресе, акындын жеке өз башынан өткөн турмушу жолугушууга катышкандарды абдан кызыктырды. Гулистан Шамуратова өзүнүн өмүр-баянын кыскача төмөндөгүдөй айтып берди:

- Атам Амет Шамуратов каракалпак адабиятында белгилүү адам болуп, партиялык-өкмөттүк ишмер катары жетекчи жумуштарда да иштеген, өз доорунда атактуу жазуучу болуу менен бирге элдин камкордугу, калктын келечеги үчүн бардык күчүн, жигердүү аракетин аябай жумшаган адам болгон. Анын катышуусунда эл чарбасынын ири-ири курулуштары бүткөрүлгөн, бул иштерге өз салымын кошкон, татыктуу кадрларды, окумуштууларды тарбиялаган. Энем Айымхан Шамуратова Казымбет кызы бүткүл Каракалпакты дүйнөгө тааныткан булбулдай таңшыган ырлары менен Каракалпакстан, Өзбекстан жана СССРдин эл артисткасы болгонун илгерки СССРдин бүткүл элдери жакшы билишет. Апамды өз элинде каракалпак булбулу деп аташчу экен. Биз апамдын жанга жагымдуу, уккулуктуу, сонун ырларын угуп, маркумдун рухунун бейиште болушун тилеп, ар убак арбагына таазим этебиз.

Бул жолугушуу биз үчүн бар көңүлүбүздү көккө көтөргөн эстен чыккыс элес болуп калды. Бул таланттуу акындын көркөм-өнөргө куштарлыгы бизди абдан таң калтырды, анын жазган ырларынын мазмуну бизди дагы адамгерчиликке, ак көңүлдүүлүккө, адептүүлүккө чакырды. Биз каракалпак элинин шартын барып өз көзүбүз менен көрүүгө, карым-катнаш болуп сиңишип кетүүгө кайыл экендигибизди билдиребиз.

Биз каракалпак кызы Гулистан Шамуратова аркылуу калкынын оор экологиялык абалы менен таанышып олтуруп, алардын

жардамга муктаж экендигин билдик. Кыргыз эли каракалпактар менен боордош. Түрк-Туран элдер экендигибиз анык. Эгерде биз аларга жардам колубузду созсок, каракалпак калкынын дүйнөгө белгилүү сувен, бехра, сазан, лака балыктарын, дүйнөгө белгилүү болгон «Мойнак» консерва заводунун өрчүп, кайра мурдагы абалына келишине үлүшүбүздү кошкон болобуз. Аларга бир туугандык колубузду созсок, Орто-Азия элдеринин арасында жүзүбүз дагы жарык болор эле.

## ДАГЕСТАНДА ДА МАНАС ПОСЁЛКАСЫ, ТЕМИР ЖОЛ СТАНЦИЯСЫ БАР

Көпчүлүкке белгилүү, бир кезде (революцияда) кыргыздар кытайга качып өтүшкөн. Андан илгери да кытайда кыргыздар жашаган. 1949-жылдын 1-октябрында Кытай Эл Республикасы түзүлүп, бийлик башына Мао Цзе Дун келген. Анан 1951-жылы Кытайда эл каттоо жүргүзүлгөн. Ошол кезде кытайда калкынын саны 509 миллион болгон.



Чоң Советтик энциклопедиясынын редакциясы тарабынан 1954-жылы Кытай Эл Республикасынын энциклопедиясы 100 миң нуска менен А.И. Гевиндин редакторлугу астында Москва шаарынын Валовая көчөсүндөгү Жданов атындагы типографиядан басылып чыккан. Кытай энциклопедиясынан бир нускасы менде бар. Анын ийне жибине чейин толук окуп чыксам дагы китеп жап-жаңы бойдон менин библиотекамда көз карегиндей эле сакталып турат.

Ошол китептин башында эле Манас шаары, андагы Манас көлү жөнүндө жазылган. Ошондой эле Манас шаарынан эң сонун сапаттуу көмүр да казылып алынат. Карыялары кыргызча сүйлөйт, жаштары кытайча...

Дагы кытайдын Цинь-Зянь (Шың Жан) уйгур автономиялуу районунун курамында болсо кыргыз областы, райондору бар. Цинь-Зянь (Жаңы жер) дегени.

Кытай Эл Республикасында уйгурлар, кыргыздар, казактар, тажиктер жана өзбектер жашашат.

Мен 1942-1950-жылдарда Советтик Армиянын Ички иштер аскеринде, НКВД, кийин МВД, МГБ бөлүктөрүндө кызмат өтөдүм. Улуу Ата Мекендик согушка да катыштым.

1943-жылдын октябрь айынан баштап, 1944-жылдын май айына чейин Россиянын Краснодар өлкөсүндөгү, Кавказдагы жана Крымдагы 27 майда улуттарды чечен, ингуш, карачей, черкес, крымтатар, хемшель, курд, турк, кабардин, балкар, осетин жана башка ушулар сыяктуу элдерди Борбордук Азия республикаларына, Казакстанга жана башка жактарга эвакуациялоого катыштым.

Ошол жылдарда союзубуздун курамындагы Дагестан АССРинен кыргыз тилдүү кишилерди көп жолуктурдум, сүйлөштүк. Анан алардын паспортторунда улуту «дагестанец» деп жазылыптыр. Анан биздин согуштук бөлүгүбүздө да бир Таштемиров Дадав деген бала кызмат өтөөчү. Мен ал бала менен бирге, бир казармада жатып жүрдүк, бир взводдо, ротада элек.

Ал Таштемировдун да паспортунда улуту «дагестанец» деп жазылган, аскер билетинде да фамилиясы бирдей. Баарынан кызыгы бул.

Москва-Баку поездине түшүп, Бакуга бара жаткан адамдар Каспий деңизинин Батыш жээги менен поездде (вагондо) бара жатып Дагестан АССРин (азыр республика) чегинде Манас деген темир жол станциясын басып өтөт. Кыскасы, Дагестанда Манас посёлкасы, Манаскент району жана башка Касумкент, Каякент, Терекчи мектеп, Кара-Баглы (Кара бактуу), Мамед кала аттуу көп жерлер бар. Кала казакча шаар дегени. Ал эми кент дегени кыргызча конуш.

Кыскасы, ошол дагестандыктар кыргызча, казакча айрым сөздөрдү өзбекче сүйлөшет экен. Дагестан жердин атыбы, же улуттунбу? Муну терең изилдешибиз керек. Манас деген пирибиз, атабыз го биздики.

Кызыгы, мени таң калтырганы бул болду. Мен аскерде кызмат өтеп жүргөндө жогорудагы Манас аттарын угуп, көрүп жүрсөм арадан бир топ узун жылдар өткөндөн кийин, 1980-жылы чыккан «СССР. Административно-территориальное деление союзных республик, 1980» деген чоң китепти магазинден сатып алдым. Москвадан чыккан китеп.

Илгерки көргөн-билген жерлерди сагынып, бул китепти окуй баштадым. Китептин 26-27-28-беттеринде Дагестан АССРи тууралуу маалыматтар бар экен.

Баягы согуш жылдарында көргөн, уккан аттарымдын бардыгы - Манас, Манаскент жана башкалар жазылып турат. Манас темир жол станциясы бар.

